**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. А. АЛТЫМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 23.20.611 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК: 316.74(575.2)(043)

**Канаев Алмасбек Бектурганович**

# КЫРГЫЗ КООМУНДА ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕРДИН МОДЕРНИЗАЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕРИН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар

Саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу учун жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек –2022

Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Социалдык гуманитардык факультетинин Философия, маданият тарыхы жана теориясы кафедрасында аткарылды.

**Илимий консультант:** **Артыкбаев Мэлс Табалдиевич,** Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, философия жана саясий илимдердин доктору, профессор

**Расмий оппоненттер:** **Сааданбеков Жумагул Сааданбекович,** саясий илимдердин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Саясат таануу жана экспертиза борборунун жетектөөчү илимий кызматкери

**Кангельдиев Азамат Нурказыевич,** саясий илимдердин доктору, Борис Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин Реклама жана коомдук байланыш кафедрасынын башчысы

**Мухтаров Марс Мухтарович,** саясий илимдердердин доктору

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин генерал-майор Э. А. Алиев атындагы Академиясынын Коомдук-саясий дисциплиналар кафедрасы. Дареги: Бишкек ш., Валиханов көч., 1а

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социологиялык илимдердин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 23.20.611 диссертациялык кеңешинин отурумунда, 2022-жылдын 29-апрелинде, саат 14.00 корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси 265-а, 1-кабат, диссертациялык отурумдар залы.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын борбордук китепканасынан (Дареги: 720033, Бишкек шаары, Жибек жолу көчөсү, 394, 8-корпус, 1-кабат) жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (720071, Бишкек шаары, Чүй проспекти 265-а, 1-кабат) ошондой эле naskr.kg сайтынан таанышса болот.

Автореферат 2022-жылдын 29-мартында таратылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, саясий**
**илимдеринин доктору, доцент** **Ч. Ш. Абдыраманова**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Диссертациялык иште жаңычыл технологияларды колдонуу менен демократиялык, светтик өлкө Кыргыз Республикасында диний моделди калыптандырууда дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты изилдөөнүн жаңы концептуалдык багыттары баяндалды.

Кыргыз Республикасында 1991-жылы болуп өткөн коомдук-саясий кайра куруулар, б. а. анын демократиялык өнүгүү жолуна түшүү мезгилиндеги калыптануусу өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда кескин өзгөрүүлөрдүн пайда болуусун шарттады, бул өзгөрүүлөр дин чөйрөсүндө да болду. Кыргыз Республикасы өзүн принципиалдуу түрдө эч бир динди расмий идеология катары кабыл албаган жана жарандарга өз дүйнө таанымын эркин тандоону камсыз кылуучу светтик мамлекет катары бышыктады.

Ааламдашкан өз ара көз карандылыктын шарттарындагы заманбап этапта светтик мамлекетти калыптандыруу, жаңы, карама-каршылыктуу дүйнөнүн, эл аралык мамилелерди жаңыча баалап, өлчөөнүн шарттарында коомдо жаңы диний моделди түзүү сыяктуу көйгөйлөрдү окуп үйрөнүү илимий изилдөөнүн негизги өзөгү болуп калды. Заманбап Кыргызстан өзүнүн саясий өнүгүүсүндө либералдык-демократиялык баалуулуктарды жетекчиликке алат.

Кыргыз коомунда калыптана баштаган жаңы социалдык жана саясий баалуулуктар: «рынок», «демократия», «дин», «президенттик институт», «парламент» деген сыяктуу ж. б. түшүнүктөр менен мүнөздөлөт, булар өлкөнүн социалдык-саясий жашоосунда бекем орун-очок алууда. Кыргыз коомунда дин институту өзүнүн кайра жаралуусун башынан кечирүүдө, ал бара-бара адеп-ахлакка, жашоо ыңгайына, элдин маданиятына аралашууда, башкача айтканда, кыргызстандыктардын коомдук аң-сезими диний ынаным, баалуулуктар менен толукталууда.

Жакынкы эле өткөн советтик мезгилдеги коммунисттик режимдин шарттарында динди өткөндүн калдыгы, коомдун өсүшүнө тоскоолдук кылган кубулуш, «эл үчүн апийим» катары бышыктоо, жээрүү менен кароо анын маданий-тарыхий, адеп-ахлактык феноменин таануу менен алмашылып олтурат. Демократиялык кайра куруулар диний ренессанска заманбап тарыхта дүйнө таанымдын көз караштык чен-өлчөмү болуу мүмкүнчүлүгүн берди. Биздин өлкөдө мамлекеттик-диний мамилелер радикалдуу трансформацияланды. «Дин тутуу эркиндиги жана дин уюмдары жөнүндө» Мыйзамдын кабыл алынышы (1991-ж)., [Кыргыз Республикасындагы диний жагдай жана дин чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты калыптандыруу боюнча бийлик органдарынын милдеттери жөнүндө: КР Өкмөтүнүн 1995-ж. 10-

августундагы № 345 токтому], Конституциянын динге жана жарандардын дин тутуу эркиндиги укугуна тийиштүү жоболору жана диний чөйрөгө тиешелүү бир катар мыйзам актылары мыйзамдык базаны эл аралык укуктук ченемдерге ылайык келтирди.

Бүгүнкү күндө модернизациялоо процесстери өлкөдө жаңы диний моделди аныктай баштады. Алып айтканда, мамлекеттик-диндик мамилелердин ашкере либералдашуусу дүйнөлүк диндердин өкүлдөрүн эле эмес, мурун республикада белгисиз болгон, ЖККУ өлкөлөрүндө тыюу салынган деструктивдүү деноминацияларды жана оккулттук диний-окуулардын өкүлдөрүн бириктирген коомдун конфессионалдык түзүмүнүн олутуу өзгөрүүсүнө алып келүүдө. Ошентип, жаңы диний моделди калыптандыруу кыргыз коомунун улуттук долбоорлорунун эң бир олуттуу, артыкчылыктуу милдеттеринен болуп калууда.

КР дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын кабыл алынган жаңы Концепциясы (2014–2020-ж.ж.) анын негизги жоболорун ишке ашыруунун жаңы багыттарын аныктады. Ушул Концепцияда төмөнкү маселелерге өзгөчө көңүл бурулган: абийир жана дин тутуу; динди саясатташтыруу; дин чөйрөсүн жөнгө салуу максатында мамлекет кийлигишүүчү жааттарды аныктоо жана КР мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, конфессионалдык ички иштерге кийлигишүүлөрдү чектөө; дин маселелери боюнча мамлекеттик-конфессионалдык өз ара аракеттенүүлөрдү өнүктүрүү; өлкөдө жарандардын диний радикалдашууларын эскертмелөө жана алдын алуу, диний негиздеги экстремисттик жана террордук иштерди болтурбоо; дин таануу сабаттуулугун жана диний билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу.

Демек, өлкөнү демократиялаштыруунун шарттарында дин жана саясаттын өз ара мамиле көйгөйлөрүн илимий изилдөөнүн актуалдуулугу жана маанилүүлүгү артууда. Бул жаңы диний моделдин келип чыгуу мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн ар тараптан илимий изилдөөсүз мамлекетте натыйжалуу диний саясатты камсыз кылуу боюнча иштин дайындуу, так багыттарын иштеп чыгуу мүмкүн эмесин билдирет. Ишенимдүү теориялык жана методологиялык билим, демократиялык, светтик мамлекеттеги эң бир ири өзгөрүүлөрдү терең аңдап-түшүнүү гана көп түрдүү конфессионалдык коомдо илимий негизделген диний саясатты иштеп чыгууга өбөлгө түзөт. Ушул изилдөө мына ушундай көп кырдуу илимий көйгөйлөрдү иликтөөгө арналган.

Изилдөөнүн **объектиси** кыргыз коомунун коомдук-саясий жашоосун демократиялаштыруунун шарттарында диний чөйрөдөгү модернизациялоо процесстерин изилдөө болуп саналат.

Изилдөөнүн **предмети** – жаңы диний моделдин көрүнүштөрүнүн мүнөзү жана касиеттери, мамлекетте натыйжалуу дин саясатын камсыз кылуу боюнча иштин дайындуу багыттарын талдоо.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен**

**байланышы.**

Диссертациялык иштин темасы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Дин таануу», «Саясат таануу» жана «Философия теориясы жана маданият тарыхы» кафедраларында илимий изилдөө иштеринин тематикалык пландарына киргизилген. Тема боюнча илимий изилдөө иштери 2010-жылдан 2020-жылга чейин жүргүзүлгөн.

**Изилдөөнүн максаты** ар түрдүү мезгилдик алкактарда Кыргызстандын диний моделине ар тараптан сереп салуу, карап чыгуу, демократиялык, светтик мамлекеттин натыйжалуу диний саясатын камсыз кылуу үчүн негизги концепцияларды талдоого алуу болуп саналат.

Жогоруда белгиленген максаттардан улам изилдөөнүн **негизги милдеттери** төмөнкүлөр:

1. Диний моделди талдоонун негизинде исламдын, дүйнөлүк, авраамдык диндердин кыргыз коомундагы дүйнөлүк конфессиялар аралык өз ара аракеттенүүлөрүнүн маани-маңызын ачуу;

2. Коомдун диний моделинин негизги критерийлерин аныктоо жана дайындаштыруу;

3. Диний моделди изилдөөгө карата концептуалдык мамилелерди жалпылоо жана тутумдаштыруу;

4. Светтик Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн шарттарында диний моделди модернизациялоонун конструктивдик технологияларын аныктоо;

5. Демократиялык, светтик мамлекеттин диний моделинин саясий-укуктук моделин аныктоо;

6. Конфессиялар аралык коомдогу диний моделди жөнгө салуунун технологияларын табуу;

7. Өлкөнү демократиялаштыруу шарттарында диний моделдеги модернизациялык жана трансформациялык процесстерди изилдөө жана талдоого алуу;

8. Конфессиялар аралык коомдо жаңы диний моделди калыптандыруунун келечегин аныктоо;

9. Социалдык жактан аялуу, жакыр, коргоосуз динге ишенгендердин аң-сезимине өздөрүнүн диний көз караштарын жана түшүнүктөрүн таңуулап киргизип жатышкан экстремисттик багыттагы жаңыдан пайда болгон конфессияларга кеңири мүнөздөмө жана баа берүү. Ошондой эле катуу тартип жана ушул сектанын диний жазма көрсөтмөлөрүн бузуучуларга жана андан тануучуларга карата катаал жазаларды колдонуп жатышкандарга дагы.

10. КР Өкмөтүнүн, Жогорку Кеңешинин документтерин, КР Президентинин Жарлыктарын, кабыл алынган Мыйзамдарды, дин чөйрөсүн жана ар түрдүү диний уюмдарды тескөөчү мамлекеттик органдардын ишин жалпылоо.

10. Демократиялык кыргыз коомунда диний моделди натыйжалуу башкаруу боюнча сунуштамаларды берүү.

**Диссертациянын илимий жаңычылдыгы** иштин эгемендүү Кыргызстанда жаңы диний моделди калыптандырууну модернизациялоо процесстерин кыргызстандын саясий илиминде комплекстүү изилдөөгө алган алгачкы аракет болгонунда турат.

Изилдөө иштеринин жүрүшүндө төмөнкүдөй жаңы илимий натыйжалар алынды:

– жаңы диний моделдин түшүнүктүк-категориалдык аппараты тутумдаштырылган жана чечмеленген, аны модернизациялоонун концептуалдуу автордук чечмеленип-түшүндүрмөсү сунушталган;

– дин «элдердин башын айландырган апийим» катары кабылданган коммунисттик тоталитаризмден өтүү шарттарында диний моделдин спецификалык негиздери аныкталган;

– кыргыз коомунун эгемендүүлүк шарттарындагы диний моделдин саясий-укуктук негиздемеси изилденген;

– саясий исламга ар тараптуу талдоо берилген, өлкөнүн эгемендиги жана Борбор Азия аймагынын коопсуздугу үчүн анын өзгөчө коркунучтуулугу далилденген;

– тыюу салынган, деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик деп таанылган, бирок биздин өлкөдө аракеттенип келаткан (Кришна, Бахаи, Мун биригүү Чиркөөсү, Христово балдары, Хизбут-Тахрир, Фалунгунь, Ак бир туугандык, Махариши машаягы, мормондор, сатанисттер жамааттары, ж. б.) 20дан ашуун салттуу эмес диний окууларга, уюмдарга жана кыймылдарга талдоо жүргүзүлгөн;

– «исламизм», «фундаментализм», «саясий экстремизм», «радикализм», «терроризм», «диний экстремизм» көрүнүштөрүн, Кыргызстандын спецификасында келишпес оппозициянын, диний экстремизмдин жана баңгичиликтин өз ара биригүүлөрүн ажырымдоо аракеттери жасалган;

– демократиялаштыруу шарттарында диний моделдеги модернизациялык процесстердин өзгөчөлүктөр ачып көрсөтүлгөн;

– конфессиялар аралык коомдун диний моделди жөнгө салуудагы технологиялары табылган;

– диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын жаңы мамилелери аныкталган;

– демократиялык кыргыз коомунда конфессиялар аралык диний моделдин натыйжалуу аспабы мамлекеттин жаңы саясатынын натыйжалуу ролу болуп саналары далилденген.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Кыргыз коомундагы диний идентификациясы, ар кыл диний агымдардын өлкөнүн коомдук-саясий

жашоо-турмушуна катышы аныкталган; заманбап Кыргызстанда чыр-чатактуу кооптуулуктун артуусуна таасир этүүгө жөндөмдүү жаңы диний кыймылдардын ролу белгиленген. Ошондой эле конфессиялар аралык коомдогу диний экстремизмдин жана терроризмдин өзгөчөлүктөрү каралган; мамлекеттик-конфессионалдык мамилелер жаатында мамлекеттик бийлик органдарынын жана Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын иштерин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштамалар талдоого алынган.

**Диссертациянын коргоого сунушталган негизги жоболору:**

Кийинки убактарда өлкөнүн саясий жашоо-турмушундагы диндерди предметтик талдоого арналган изилдөөлөрдүн сандык жана сапаттык өсүүсүнө карабастан, диндердин түшүнүктөрүн жана категорияларын пайдаланууда теориялык, методологиялык, терминологиялык мүнөздөгү башаламандыктардын, чаташуулардын орун алуусу уланууда. Диний түшүнүктөрдү жана категорияларды эркин урунуу ЖМК эле эмес, саясатчылардын арасында, ал турмак адистердин арасында дагы көп кездешүүдө, бул көптөгөн диний кубулуштардын жагымсыз чаташуусуна алып келүүдө. Ошондуктан диний түшүнүктөрдү жана терминдерди ажырымдап-бөлүштүрүүнүн өктөм зарылдыгы келип чыгууда.

1) Кыргыз коомунда ислам жана башка да диндердин өнүгүшү Советтер Союзунун таркоосу (1991) менен биротоло аныкталган, постсоветтик Кыргызстан руханий кайра жаралуу үчүн дин тутуунун принципиалдуу эркиндигине мүмкүнчүлүк берди. Эгемен Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бир катар негиз болуучу принциптерди койду, тактап айтканда, дин тутуу эркиндигин, диний ишмердикке ачыктык жана легитимдүүлүк берди.

2) Эгемен Кыргызстанда коомдук-саясий жашоонун либералдашуусу жана гумандашуусу руханий жашоонун жаңы векторлорун аныктады, алардын негизине жалпы адамзаттык, топтук, улуттук жана жекече артыкчылыктар алынды.

3) Өлкөнүн коомдук-саясий жашоо-турмушун демократиялаштыруунун шарттарында мамлекеттин светтүүлүк принциби андан ары өркүндөтүлүдү, буга коомдо жаңы диний моделди түзүүчү диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын жаңы Концепициясынынкабыл алынышы өбөлгө түздү.

4) Өлкөнүн социалдык-саясий жашоо турмушундагы жаңы диний моделди методологиялык изилдөөнүн зарылдыгы, бул коммунисттик-төбөлчүл идеологиядан демократияга өтүү менен аныкталган – бул тарыхий-саясий факт. Кыргызстан биз изилдөөгө алган мезгилде мамлекеттик-конфессионалдык мамилелер чөйрөсүндө өнүгүүнүн эки полярдуу моделинен өттү: төбөлчүл-атеисттитк (советтик мезгил) жана либералдык (1991-жылдан

тартып азыркы убакка чейин).

5) Диссертант өлкөдөгү диндештирүүнүн маани-маңызын аныктоо менен, диндин жана мамлекеттин жаңы өз ара мамилелерин ачып көрсөтөт; бул саясий процесске өлкөдөгү либералдаштыруу жана демократиялаштыруу кандай таасирин тийгизерин, бул мамлекеттин коомдук-саясий жашоо-турмушундагы турукташтыруучу жана туруксуздандыруучу фактор болуп саналарын көрсөтөт. Изилденип жаткан мезгилде диндештирүүнүн биринчи толкуну болуп өттү, ал үчүн өлкөнүн коомдук жашоо-турмушунда диний маданияттын, каада-салттардын кайра жаралуусу жана калыбына келүүсү мүнөздүү; коомдук-саясий мамилелерди уюштуруу формаларын жана ыкмаларын жигердүүлүк менен издөө диний коомчулукту ар түрдүү диний уюмдарды түзүүгө алып келди.

Диндештирүүнүн экинчи толкуну келечекте диний көпчүлүктүн өлкөнүн коомдук-саясий жашоо-турмушундагы кызыкчылыктарын эске алуу милдетин чече турган болот. Буга байланыштуу, эмнени күтүүгө жана эмне иштөө керек? Диний коомчулуктун жарандык коомдун жашоо-турмушуна, саясий жана экономикалык процесстерге бир кыйла жигердүү тартылуусу жүрөрү айдан ачык, бул жагымдуу кубулуш болуп калышы ыктымал. Мында ал өзүнө үч негизги багытты камтышы керек: а) экономикалык жигердүүлүккө дем берүүнү; б) мамлекеттик максаттуу программаларды ишке ашырууну; в) тиешелүү маалыматтык саясатты.

6) Кыргыз Республикасында диний билим берүү жаатында орун алган көп сандаган көйгөйлөрдү чечүү үчүн «Диний билим берүү жөнүндө» Мыйзам жана Концепцияны даярдоо жана кабыл алуу зарыл; «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамга Мамлекеттик стандарт боюнча билим берүү программасынын тутумуна ЖОЖдорго «Диндин негиздери» сабагын киргизүүгө уруксат берүүчү түзөтүүлөрдү кабыл алуу, светтик мамлекеттин шарттарындагы маданий-тарыхий өзгөрүүлөр процессинде коом үчүн зыяндуу жана коркунучтуу кубулуштардын жайылуусун оолдуктоочу фактор катары дүйнөлүк диндердин жана Кыргызстанда тарыхий тамырланган салттуу диндин саясий жана руханий адеп-ахлактык дараметтерин кыйла жигерүү пайдалануу.

Экинчи толкундун күүсү менен Кыргызстандагы жаңы диний кыймыл (ЖДК) деп аталган кыймылдын өнүгүүсүндө өзгөрүүлөр жүрөт. ЖДК өзүнүн өнүгүүсүндө эки этапты басып өттү: биринчи этабы – XX к. 90-жылдарынын башынан 2008-жылга чейин – «жигердүү миссионердик», экинчи этабы – 2009-ж. башат алган – «социалдык мимикрия». Орун алган турмуш чындыгынын божомолу алардын өнүгүүсүнүн төмөнкүдөй мүнөздүү багыттарын болжойт: биринчиден, жакынкы болочокто адепттердин, ЖДК диний бирикмелеринин сандык өсүшү кыскарат. Экинчиден, ЖДК бардык

өкүлдөрү өздөрүнүн социалдык ийиндерин бекемдөө жана мамлекет менен жаңы укуктук мамилелерге ылайыкташуу менен алагды болушат.

7) Радикалдуу диндешүү, айрыкча, исламдашуу, белгилүү болгондой, айкын, салттуу ислам менен эч кандай жалпылыгы жок. Ал өзүндө бүткүл мусулман дүйнөсү үчүн чоң тобокелчиликтерди алып жүрөт. Ошондуктан биздин өлкө мамлекеттик-конфессионалдык өз ара аракеттенүүнүн принциптерин жана усулдарын алар светтик, демократиялык руханий маанайга жооп бергендей кайрадан карап чыгуусу зарыл.

8) Диний моделди жөнгө салуунун шарттарынын бири аны институтционалдаштыруу болуп саналат, бул диний моделди демократиялык светтик мамлекетке легитимдештирүүнү жөнгө салууга жөндөмдүү саясий жана саясий эмес институттарды, ченемдердин тутумун, баалуулуктарды, көрсөтмөлөрдү калыптандыруу процессин билдирет.

9) Башкаруучулук технологиялардын натыйжалуулугу диний моделдин маданий деңгээлине жараша болот, ал өзүнө укуктук жана моралдык ченемдерди, улуттук салттарды топтойт. Кыргызстандагы ыкчамдатылган модернизациялоо түрдүү диндерди тутунган калкка толеранттуу аң-сезимди сиңирүүдө цивилдүү полемиканын көндүмдөрүнүн болушун, сүйлөшүүлөрдү алып баруунун маданиятын калыптандырууну, жаңы мамилелерди иштеп чыгууну талап кылат.

10) Демократиялык мамлекетте натыйжалуу диний модель диний чөйрөдө мамлекеттик саясатын жаңы концепцияларын жигердүү легитимдештирүү менен өзүнүн андан ары өнүгүүсүн табууга багытталган.

11) Демократиялык, светтик мамлекетте бардык социалдык топтордун, индивиддердин, бардык улуттардагы динге ишенгендердин жана ишенбегендердин толеранттуулук, ынтымак-ырашкерлик, гумандуулук, сабырдуулук принциптеринде өз ара аракеттенүүлөрү коомдогу жаңы диний моделинин андан ары өнүгүүсүнүн ишенимдүү фактору болуп саналат.

**Изилденүүчүнүн жеке салымы.**

– «Жаңы диний моделдин», «дин чөйрөсүндө модернизациялык процесстердин» аныктамалары берилген.

– Салттуу эмес диний окуулар, жаңы диний кыймылдар, биздин өлкөнүн аймагында тоскоолдуксуш иштеп жатышкан ар түрдүү деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик уюмдар талдоого алынган жана алардын коркунучтуулугу көрсөтүлгөн.

– «Исламизм», «фундаментализм», «саясий экстремизм», «радикализм», «терроризм», «диний экстремизм» көрүнүштөрүн, Кыргызстандын спецификасынын контекстинде келишпес оппозициянын, диний экстремизмдин жана баңгичиликтин өз ара биригүүлөрүн ажырымдоо аракеттери жасалган.

– Өлкөнүн мындан ары өнүгүүсүнүн светтик моделинин өктөм зарылдыгы далилденген.

– Диссертант тарабынан жер-жерлерде дин иштери боюнча коомдук координациялык кеңештерди түзүү боюнча дайындуу, конструктивдүү сунуштар берилген, алардын курамына жергиликтүү жамааттардын кадыр-барктуу лидерлерин, аксакалдарды, жергиликтүү кеңештин депутаттарын кошуу зарыл.

– Жаңы диний моделди өнүктүрүү үчүн изденүүчү жагымдуу исламдык принциптерди жашоо-турмуштун философиясы, калктын жашоо ыңгайы, стили катары киргизүүнү сунуштайт. Жана андан ары аларды ал жаңы баалуулуктарды калыптандырууну камсыз кылуучу сунуштамалар катары сунуш кылууну зарыл деп эсептейт.

– Изилдөөнүн натыйжалары дүйнөлүк диндердин иштөө диалектикасын, кыргыз коомун демократиялаштыруу шарттарында алардын социалдык чагылышын түшүнүүгө жардам бериши мүмкүн.

– Ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн теориялык-методологиялык жана илимий тыянактарын социалдык философия, философиянын тарыхы, саясий философия, дин таануу, саясат таануу, маданият таануу атайын курстары боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда, диний жана саясий көйгөйлөрдүн практикалык милдеттерин чечүүдө пайдаланууга болот.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Изилдөөнүн негизин төмөнкүлөр түздү: өкмөттүн мыйзам актылары жана программалык документтери, чет өлкөлүк жана ата мекендик адистердин эмгектери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу дин иштери боюнча Мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – КР ДИМК) башкы адиси болуп иштеген убактагы түздөн-түз автор, кыргызстандык эксперттер тарабынан көп жылдар бою (1992–2015-ж.ж.) жүргүзүлгөн саясий-социологиялык сурамжылоолорунун натыйжалары. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар ЖОЖдор аралык илимий-практикалык жана илимий-теориялык конференцияларда, семинарларда, тегерек үстөлдөрдө баяндалган жана Улуттук коопсуздук боюнча Мамлекеттик Комитеттин генерал-лейтенант А. Бакаев атындагы институтунда, Ж. Баласагын атындагы КУУ, Кыргыз-Россиялык Б. Елцин атындагы славян университетинде, Бишкектеги ЕККУ Борборунда, (Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча ЕККУ Бюросунда) практикалык апробациядан өткөн.

Диссертацияда камтылган негизги илимий жоболор, теориялык жана практикалык тыянактар КР ДИМК практикалык иштеринде чагылдырылган, алар автор тарабынан УКМК кесиптик кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунда угуучулар менен сабак өткөрүүдө пайдаланылууда. Диссертация Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук

университетинин социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин философия, маданият тарыхы жана теориясы кафедрасынын, дин таануу кафедрасынын, социология кафедрасынын, ошондой эле И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин саясат таануу, реклама, коомчулук менен байланыш жана мамлекеттик, муниципалдык башкаруу кафедрасынын биргелешкен кеңири отурумундарында талкууланган жана коргоого сунуш кылынган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү** изилдөөнүн жалпы концепциясы, милдеттери жана логикасы менен аныкталган. Иш киришүүдөн, төрт главадан, корутундудан, библиографиядан турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу негиздемеленип, көйгөйдүн иштелип чыгуу абалына баа берилген. Изилдөөнүн объекти, предмети, максаты жана милдеттери, илимий жаңычылдыгы жана диссертант коргоого алып чыккан негизги жоболор, теориялык жана практикалык маанилүүлүгү, иштин апробациясы аныкталган. Методологиялык жана маалыматтык булактарынын базасы каралган.

**«Кыргыз Республикасынын диний моделинин теориялык негиздери»** деген биринчи главада изилдөөнүн методологиялык принциптери жана теориялык негиздери каралган.

### 1.1. Диний моделдин маани-маңыздык мүнөздөмөсү: түшүнүгү, түрдүүлүгү.

Илимий адабияттарда, диссертанттын көз карашында, ынаным, ишеним, тооп кылуу, сыйынуу катары, ошондой эле светтик жана теократиялык мамлекеттин аныктамасына, динди изилдөөгө көп өлчөмдүү кубулуштай мамиле жасалат, ошол эле убакта көптөгөн дин маселелери акырына чейин жеткире иштелбеген боюнча калып келүүдө. Мисалы, либералдык мамлекеттин шарттарында диний ишенимдин деңгээли же ар кыл мамлекеттердеги диний деңгээл кандай экени жөнүндө маселе жетик изилденбеген. Изденүүчү дин таануу теориясындагы маанилүү маселелердин бири – демократиялык, светтик коомдогу диний моделди ар тараптан карап чыгуу аракетин жасаган.

Автор тарабынан «дин» түшүнүгүн аңдап билүүгө карата ар түрдүү көз караштар терең талдоого алган. Бул илимий адабияттарда анын аныктамаларынын жана мүнөздөмөлөрүнүн көп экенине байланыштуу. [О мониторинге деятельности государственных органов в реализации религиозных прав и свобод [Под ред. О.Ш. Мамаюсупова]. – Б., 2004.] Айырмачылыктар, баарыдан мурда, материалисттик жана идеалисттик мамилелер, ошондой эле изилдөөчүлөрдүн тигил же бул диний уюмга

тийиштүүлүгүнөн, социалдык абалынан же статусунан, идеологиялык артыкчылык берүүлөрүнөн улам орун алган жагдай болуп саналат.

Диссертант динди – бул Кудайдын бар экенине ишенүү менен аныкталуучу дүйнөгө болгон көз караш, коомдук аң-сезимдин бир формасы, бул философиянын модели деп эсептейт. Бул жеке адамдын, адамдардын социалдык тобунун, коомдун, мамлекеттин Кудай менен түздөн-түз байланышы. Диндердин маани-маңызы *жеке адамдын руханий таянычтарынын, белгилүү бир деңгээлде моралынын, адеп-ахлагынын* калыптануусунда турат. «Ишеним» деген сөз бул маанисинде сейрек колдонулат; ал эми ишенүү – өнүгүүнүн төмөнкү баскычында турган элдердин диний түшүнүүлөрү.

Диндин теориясында «динчилдик» түшүнүгү көп колдонулат, ал табияттан тышкарыга ишенүүчү жана ага сыйынуучу айрым аламдардын, алардын топторунун жана жамааттарынын аң-сезими жана жүрүм-туруму менен мүнөздөлөт. Изилдөөлөрдө динчилдиктин Кудайга, жандын өлбөстүгүнө ишенүү ж. б. өзүн белгилүү бир конфессиянын динге ишенүүчүлөрү менен окшоштуруу, диний баалуулуктарга жана ченемдерге карата оң мамиле сыяктуу эмпирикалык белгилери пайдаланылат. Кыргыз коомунда ар түрдүү диндердин орун алуусун белгилөө менен, диссертант алардын ар кыл түрлөрүнүн: исламдын, православиенин, католицизмдин, протестантизмдин жана жаңы диний кыймылдардын бар экенин белгилейт.

Автордон кыргыз коомунун диний моделинин түшүнүктүк-категориалдык аппаратын ачып көрсөтөт. Диссертант кандай болбосун диний модель өзгөчө спецификалык көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөрүн баса белгилейт, алар критерийлер менен аныкталат, алар эң эле көп. Изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, диний моделди аныктоодо негизги критерийлер төмөнкүлөр болуп саналат: биринчиден, дин мамлекетте дүйнөгө көз караш катары аныкталат; экинчиден, дин саясий институт катары мүнөздөлөт; үчүнчүдөн, диндин мамлекеттин коомдук-саясий жашоо-турмушуна катышуусунун деңгээли; төртүнчүдөн, диндин мамлекеттеги билим берүү процессинин катышуучусу катары катышуусу ж. б.

**Жаңы диний моделдин** өзгөчөлүгү жана артыкчылыгы мына мында, КР диний ар түрдүүлүктүн теңдеми сакталган жана репрессиялык чаралар киргизилген эмес, дин тутуу эркиндиги сакталып турат. Өлкөдө ачык, демократиялык дискурс, талкуулоо жана өз ой-пикирин айтуу мүмкүнчүлүгү бар. Жаңы диний модель ачык талкуулоону талаптайт, ал эми бул угулуу, жөнөкөй адамдардын, ишенүүчүлөрдүн, ишенбөөчүлөрдүн ой-пикирин саясий чечимди кабыл алуучу бийликке чейин жеткирүү мүмкүнчүлүгү эң башкы, эбегейсин ресурс. *Диний чөйрөнү жөнгө салуунун бул модели* өз «сапарын» өлкө 1991-жылы көз карандысыздыкты алгандан кийин баштаган.

Анда ал үчүн мүнөздүү түзүмдөр жана уюмдар бар – диний ишмердикти башкаруу жана өз ара аракеттенүү эки баскычта, мамлекет жана диний уюмдар: КР ДИМК жана Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (мындан ары – КМДБ) жана башка диний уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Андан ары автор кыргыз коомунун диний моделинин ар кыл тараптарын талдоого алат. Кыргызстанда өзгөчө диний модель орун алган деп эсептейт изденүүчү, барыдан мурда, ал дин жөнүндө айкын мүнөздөмөлүү түшүнүктөрдүн теориялык жактан курулган жыйындысы, жалпылыгы түзүлгөн. Биздин мамлекеттеги диний модель мамлекеттин динге карата мамиледе өз ишин эркин жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн бергендиги менен мүнөздөлөт. Мамлекет дин иштерине кийлигишпейт, ошол эле убакта ал өзүнүн саясий-мамлекеттик иши менен өлкөнүн диний негизин камсыз кылып турат. Өз кезегинде ислам, христиан, буддизм диндери өздөрүнүн бардык секталары менен мамлекеттик саясатына кийлигишпейт. Мамлекеттин диний модели дин тутуу эркиндигин берет, өзүнүн светтик моделинин үлгүсүн калыптандыруу менен, мамлекет менен диндин өз ара натыйжалуу аракеттенүүсүн камсыз кылат.

Кыргызстандагы мамлекеттин светтик модели КР Конституциясынын жоболоруна негизденет жана 2014–2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясында кеңири сыпаттамаланып жазылган. Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасы светтик болуп саналат, анда дин мамлекеттик башкаруудан бөлүнүп ажырымдалган. Мамлекет диний чөйрөнү, диний уюмдардын ишмердүүлүгүн колдонуудагы мыйзамдардын негизинде мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар аркылуу жөнгө сала алат жана жөнгө салуусу тийиш. Мамлекет дин тутуу эркиндигин камсыз кылат, алар мыйзамдарды бузбаса, жеке, коомдук же улуттук коопсуздукка коркунуч келтиришпесе, өлкөдөгү бардык диний уюмдарга бирдей мамиле кылат. Диссертант диний моделдерди классификациялоонун көз карашынан алганда, үч негизги моделди бөлүп көрсөтөт: либералдык, буйрукчул төбөлдүк-консервативдик жана таптык. Либералдык диний модель демократиялык мамлекеттер үчүн мүнөздүү, анкени анын негизинде төмөнкү демократиялык жол-жоболорго: саясий плюрализмге, адам укугуна багыттамалануу жатат. Буйрукчул төбөлдүк-консервативдик модель адатта өзгөчө спецификалык баалуулуктардын болгону мүнөздүү болгон катаал социалдык түзүмдөрү бар коомдордо чыгат. Ал эми таптык же социалисттик диний моделге байланыштуу айта турган болсок, ал коомдо дин болбогон шартта курулат, дин жумушчу-дыйкан табынын жана байлардын тирешүүсү катары болушу керек.

**1.2. Светтик коомдун диний моделин изилдөөдө негизги методологиялык мамилелер,** көрүнүп тургандай, ар бир диний модель, диссертанттын ой-пикири боюнча, өнүгүүнүн өзүнө гана таандык технологиясын карайт. Либералдык диний моделдин өзгөчөлүгү консенсус жана компромисс усулдарын пайдалануусу болуп саналат. Диний моделдин маани-маңызы жөнүндө теориялык жоболорду интегралдык жана жалпыланган түрдө кароо менен, автор көп өлчөмдүү конфессионалдык мейкиндикте ар дайым өзүнө кызматташтыкты жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү камтыган ар түрдүү диний уюмдардын өз ара аракеттенүүлөрү болорун белгилейт.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырууда алардын орчундууларынан төрт негизги багыттары бөлүнүп көрсөтүлөт. Алардын бири Кыргызстанда аракеттенген диний уюмдар менен өз ара аракеттенүүгө карата мамлекеттин жаңыча мамилеси болуп саналат. Анын алкактарында мамлекет диндин маданий, социалдык жана билим берүү чөйрөлөрүнө жагымдуу таасирин жана кошкон салымын тааныйт, диний уюмдар менен байланыштарды жана кызматташтыкты колдойт, бирок диндин саясатташуусун жана диний кыймылдардын тартип бузууга багытталган иштерин катуу чектөөгө алуусу керек.

Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын негизги принциптеринин бири аны ишке ашыруунун төрт багыты болуп саналат, бул:

1) мамлекеттин Кыргызстанда иштеп жаткан диний уюмдар менен өз ара аракеттенүүсүнө жаңыча мамилеси;

2) анын алкагында мамлекет диндин маданий, социалдык жана билим берүү чөйрөлөрүнө жагымдуу таасирин тааныйт, диний уюмдар менен байланышты жана кызматташтыкты колдоого алат;

3) ошол эле убакта мамлекет диндин саясатташуусун жана диний кыймылдардын деструктивдүү и штерин катуу чектөөгө алышы керек.

4) мамлекет диний чөйрөнү түздөн-түз жөнгө салат, бирок мыйзамдарда каралган учурларды жана аны бузган учурларды кошпогондо, өзүнүн ички конфессионалдык иштерге кийлигишүүсүн чектейт. [Молдалиев, О. Ислам и политика, политизация ислама или исламизация политики? / О. Молдалиев. – Бишкек, 2008.]

Кыргыз коомунун диний моделинин светтүүлүгүн изилдөөнүн методологиялык негизин, авторго эгемен, демократиялык кыргыз коомундагы диний моделдердин бүтүндөй жыйындысын табууга мүмкүнчүлүк берген *тутумдуу мамиле кылуу* усулдары түзөт. Ар түрдүү өлкөлөрдөгү диний моделдердин тажырыйбасын окуп-үйрөнүү процессинде белгилүү орунду *компаративисттик усул* ээледи. Диссертациялык иште *кырдаалдык талдоо, байкоо, контент-талдоо, эксперттик талдоо*

*усулдары*, ошондой эле *тарыхийлик, объективдүүлүк, тутумдук-түзүмдүк талдоо* принциптери пайдаланылды, алар каралып жаткан көйгөй боюнча негизги концепцияларды туура аныктоого, талдоого жана тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берди. Мындан тышкары, иште ошондой эле *көйгөйлүү-хронологиялык принцип* колдонулду, анын жардамы менен Кыргызстанда дайындуу убакыттын аралыгындагы коомдук-саясий турмуштагы динге тийиштүү маселелер изилдөөгө алынды. Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү *моделдештирүү усулун* пайдаланды, ушундан улам талдоого алууга татаал объектилер жөнөкөй схемалык түрүндө берилди. Изилдөө учурунда формалдаштырылган усулдар жана ыкмалар менен бир катарда болуп жаткан окуяларга жөнөкөй байкоо жүргүзүү, изилдөөчүнүн жекече тажрыйбасы, күндөгү иш тажырыйбада маалыматтарды чогултуу, өздүк сезим-туюм кеңири пайдаланылды. Ошондой эле *кейс методикасы* пайдаланылды, ал саясий, экономикалык, социалдык, диний жашоонун дайындуу көйгөйлүү кырдаалдарын талдоо жана практикалык башкаруучулук чечимдерди иштеп чыгуунун интерактивдүү техникасы болуп саналат.

**«Эгемен Кыргыз Республикасында диний моделди модернизациялоонун саясий өңүттөрү»** деп аталган экинчи главада кыргыз коомундагы социалдык институт – динди институционалдаштыруу маселеси каралган.

**2.1. Конфессионалдык мамилелердин саясий-укуктук негиздерин** Изилдөөнүн **объектиси** Кыргыз Республикасындагы заманбап диний модель болуп саналат.

Изилдөөнүн **предмети** республикадагы диний моделдин жаңычыл технологиялары жана дүйнөлүк диндердин кыргыз коомунун социалдык-саясий процесстерине тийгизген таасири болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин,** коммунисттик атеизмден либералдык динге өтүү шарттарында калктын жапырт аң-сезиминде дин бир тарабынан, дүйнөнү материалисттик түшүнүү экинчи бир тараптан, үчүнчү тараптан либералдык маанай басымдуулук кылып турат. Диссертант өткөөл диний шарттарды талдоого алуу менен, көбүрөөк диндик моделди жөнгө салуунун натыйжалуу ыкмалары, ыктары, коомдо диндий туруктуулукту камсыз кылууга багытталган конструктивдик технологияларды иштеп чыгуу керек болот деп эсептейт.

Жаңы жана ар түрдүү конструктивдик технологияларды издөө жана пайдалануунун мааниси үзгүлтүксүз өсүүдө болот, алар конструктивдүү таасир этүүлөргө каршы туруууга мүмкүнчүлүк берет. Бул конструктивдүү технологиялар эгемен Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын мыйзамдык негиздери менен камсыз кылынат.

Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын негиздери Кыргызстандын Конституциясынын жаңы редакциясында так аныкталган. Өлкөнүн Негизги мыйзамынын беренесинин жобосуна ылайык, «Кыргыз Республикасы эгемен, демократиялык, укуктук, светтик, унитардуу, социалдык мамлекет болуп саналат».

Светтик, мамлекеттик-конфессионалдык түзүлүш бир да динди расмий идеология катары принципиалдуу түрдө кабылдабайт, жарандарга дүйнөгө болгон эркин көз карашты тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат жана бул айтылгандар башка жарандык укуктарды жана эркиндиктерди чектөөгө алып келбейт. Светтик мамлекеттеги дин тутуу эркиндиги өзүнө жекече же башкалар менен бирдикте кандай болбосун динди тутуу же эч бирин тутунбоо, диний же башка ынанымдарды эркин тандап алуу жана жайылтуу, башкалардын эркиндигин жана жеке абройун басмырлабастан аларга ылайык аракеттенүү укугун камтыйт.

Конституцияда светтүүлүк принциби төмөнкүдөй берилген: «Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү болуп белгиленүүсү мүмкүн эмес». Берененин 2-пунктунда мындай деп айтылат: «Дин жана бардык сыйынуулар мамлекеттен бөлүнгөн», 3-пунктта мындай делет: «Диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө кийлигишүүлөрүнө тыюу салынат».

Өз кезегинде Конституциянын 32-беренеси дин тутуу жана сыйынуу эркиндигин кепилдейт. Ар ким диний жана башка ынанымды эркин тандап алууга жана анда болууга укуктуу, эч ким өзүнүн диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурлануусу мүмкүн эмес. Конституциянын 20-беренесинде дин тутуу эркиндигине чек коюлушу мүмкүн эместиги айтылат.

Светтүүлүк принцибин камсыз кылуу менен, Конституция диний негизде саясий партияларды түзүүгө (4/3-берене) жана конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө багытталган диний уюмдардын саясий ишмердүүлүгүнө, ошондой эле диний жек көрүүнү, социалдык артыкчылыкты жана басмырлоону козутууга өбөлгө түзүүчү ишмердикке тыюу салат (4\5-берене, 31-берене).

Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар менен өз ара аракеттенүү боюнча мамлекеттин көз карашы «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 Мыйзамында бир кыйла кеңири белгиленген, анда 4/1-беренеге ылайык ар кимге дин тутуу жана атеисттик ынаным күтүү эркиндиги укугу кепилденген. Мыйзамга ылайык дин тутуу эркиндиги – бул адамдын диний ынанымды тандоо, динде болуу, алмаштыруу, билдирүү жана жайылтуу, ага ылайык аракеттенүү, мыйзамда

тыюу салынбаган диний ырым-жырымдарга, жөрөлгөлөргө сыйынуу салт-санааларын уюштурууга катышуу укугу.

«Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы диний ишмердүүлүктү динге ишенгендердин диний керектөөлөрүн канааттандырууга, диндерди жайылтууга, диндий тарбия берүүгө, дин жөрөлгөлөрүн, сыйынуу жыйындарын, диний үгүт окууларын алып барууга, дин адистерин, дин кызматчыларын окутууга, миссионерликке багытталган ишмердүүлүк, ошондой эле диний уюмдардын сыйынып-табынуу тажырыйбаларын уюштурууга жана материалдык жактан камсыз кылууга багытталган жана башка ишмердүүлүк (диний адабияттарды басып чыгаруу жана таратуу, табынып-сыйынуу жана ишмердүүлүк предметтерин даярдоо жана таратуу) катары мүнөздөйт.

Ошондой эле атайын белгилеп айта кетүүчү дагы бир зарыл жагдай, «Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 15-пунктунда диний уюмдардын өкүлдөрүнүн үгүт иштерин жүргүзүүгө, үгүт материалдарын басып чыгарууга жана таркатууга укугу жок экени айтылган.

Эгемен мамлекеттин мына ушул саясий-укуктук документтери конструктивдик технологияны пайдаланууга мүмкүнчүлүк берди, *ал диний моделдин светтүүлүгүнүн белгилүү бир үлгүсүн түзүп калыптандырууга багытталган ырааттуу колдонулуучу усулдардын, ыкмалардын, жол-жоболордун жана иш-аракеттердин жыйындысы* катары мүнөздөлөт.

### 2.2. Конфессионалдык мамилелердеги жөнгө салуу технологиялары

Бул параграфта дессертант Кыргызстандагы диний моделдин маани-маңызынын мүнөздөмөсүн берет: ялык Баардык саясий иш-аракеттер конституциялык негизде, мамлекеттин светтүүлүгүндө диндерди жана диний уюмдарды институционалдаштыруунун аныкталышына мүмкүнчүлүк берди.

биринчиден, дин биздин өлкөдө советтик бийликтин шарттарындагы узак тарыхий тыюу салуудан кийин өзүнүн ачыкка чыгуу мүмкүнчүлүгүн алды;

экинчиден, биздин демократиялык мамлекетте мамлекеттин динге карата мамилеси принципиалдуу түрдө дин тутуу эркиндигинен көрүнөт;

үчүнчүдөн, мамлекет диний ишмердүүлүккө жана диний мекемелерди, уюмдарды ачууга уруксат берди;

төртүнчүдөн, мамлекет Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияны түздү жана ушунун өзү менен ислам эле эмес, жана башка диний конфессияларга карата белгилүү камкордугун көрсөттү.

Ошону менен бирге, диний уюмдардын жана мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилелердеги негизги көйгөйлөрдүн бардыгы чечилген дешке болбойт. Тышкы жана ички мүнөздөгү көйгөйлөрдүн бүтүндөй бир комплекси чечилбеген бойдон калып келүүдө, алдыда аларды чечүү милдети турат. Алардын маңызы мыйзамдын ашкере либералдуулугу жана ар түрдүү диний ишенимдердин, агымдардын жана секталардын өкүлдөрүн жеңилдетип каттоого алуу жана алардын иш-аракеттеринин дээрлик чектелбеген эркиндиги диний секталардын ишмердүүлүгү үчүн «каалаганыңды жасай бер» принциби боюнча кеңири мүмкүнчүлүктөрдү бергенинде турат. Жыйынтыгында ибадат кылуу объектилеринин башаламан курулуусу жүрүүдө; лицензиясы жок диний окуу жайлары пайда болду; деструктивдүү, экстремисттик жана диний ишеним окуулары жайылтыла баштады; ислам фанатизмин үгүттөө жигерденүүдө ж.б.

Азыркы учурда КР аймагында: Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы (КМДБ), 9 казиат (КМДБ аймактык түзүмдөрү), ошондой эле 2648 мечит, 107 медресе, 2 миңден ашуун имам, 25 ислам борборлору, фонддору, бирикмелери, исламдын чет өлкөлүк конфессияларынын 3 миссиясы иш алып барышууда. Азыркы учурда Куранды үйрөнүү боюнча 7 ислам институту окутуу ишин алып баруруда, медреселердин айрымдары ислам институттары болуп кайрадан түзүлүүдө.

Кыргызстанда демократиялык реформалардын өнүгүшү менен Орус Православ Чиркөөсү (ОПЧ) да өнүгүүгө жол алды. Жаңы чиркөөлөр, приходдор, храмдардын алдында жекшембилик мектептер, аялдар монастры ачылды. Эгерде 1991-жылга чейин Кыргызстанда 29 чиркөө, сыйынуу үйлөрү болсо, 2009-жылга карата орус тилдүү калктын Кыргызстанда токтобой кетип жатканына карабай, 46 храм иш алып баруруда. Азыркы учурда Кыргызстанда диний ишмердикти евангелия христиан-баптисттери (49 сыйынуу үйлөрү жана филиалдары); Жетинчи күндүн христиан-адвентисттери (31 жергиликтүү чиркөө); христиан-элүүлүктөр (53 диний уюмдары); КР Иеговы күбөлөрүнүн диний борбору (41 жамаат); КР евангелия-лютерандык чиркөө (21 сыйынуу үйү); христиан-жаңы апостолчулар (2 жамаат); протестанттык жана псевдо-протестанттык багыттагы башка диний уюмдар (31 сыйынуу үйү) жүргүзүшүүдө.

Конфессионалдык мейкиндиктин ушунчалык көптүгү жана ар түрдүүлүгү демократиялык кайра куруулар жылдары Кыргызстанда жетишилген диний эркиндиктин жогорку деңгээли жөнүндө күбөлөп турат. Бирок, ошол эле убакта бул коомдогу таасир үчүн негизинен атаандаштык күрөш кыртышында конфессиялар аралык карама-каршылыктардын келип чыгышы жана курчушу үчүн өбөлгөлөрдү түзүүдө. Изденүүчүнүн ой-пикири боюнча биздин өлкөнүн Конституциясында дин тутуу эркиндиги укугу

тууралуу гана айтылганы менен, абийир эркиндиги укугу бекемделген эмес. Ушуга байланыштуу абийир эркиндиги менен дин тутуу эркиндиги укугунун ортосундагы айырмачылыкты атайын белгилеп айта кетүү маанилүү. Эгерде абийир эркиндиги эч кандай динди тутунбоо, атеисттик көз карашты кармануу укугун билдирсе, анда дин тутуу эркиндиги – бул кандай болбосун динди тутунуу эркиндиги.

Биздин өлкөдө диний чөйрөдө либералдык саясатты калыптандыруу, изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, жарандарга дүйнөгө эркин көз караштык тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу, расмий идеология катары эч кандай динди кабылдабаган анын конфессионалдык бейтарап позициясын билдирет.

Изилдөөчүлүк талдоо диссертантты биздин өлкөдөгү динди легалдаштырууну чечмелеп түшүндүрүүгө алып келген. Диссертант бул төмөнкү факторлор менен шартталган деп эсептейт: 1. Социалдык – экономиканын кыйрашы, анын натыйжасында жашоо-турмушунун деңгээлинин кескин төмөндөөсү; 2. Идеологиялык – мамлекеттик деңгээлде алгылыктуу идеологиялык программанын жоктугу; 3. Укуктук – «Сөз жана дин тутуу эркиндиги жөнүндө» Мыйзамдын (1991-ж.) жеткире иштелбегени; 4. Психологиялык – коомдун «социалдык терапиясы» катары диндин керектүүлүгү; 5. Руханий адеп-ахлактык – айрым адамдардын «динчил адам» динге ишенген ишенбегенге караганда жакшы стереотибин пайдалануусу.

Изилдөөчү диндердин кайра жаралуу процессинин жагымдуу жагы төмөнкүлөр болуп саналат деп эсептейт: биринчиден, батыштык массалык маданияттын басып кирүүсүнүн шарттарында, дин маданий-диний салттарды коргоо менен, улуттук өз алдынчалыкты сактап калуу аракетинде болууда. Экинчиден, эл үчүн коммунисттик шарттамдан либералдык-демократиялык баалуулуктарга өтүүнүн татаал шарттарында дин өзүнүн ордун толтуруучулук милдетин аткарууда. Үчүнчүдөн, ал диний жалпылыкты аңдап-сезүүнүн деңгээлинде интеграциялык процесстерди аракетке келтирүүдө. Төртүнчүдөн, салттуу диндер коомдун руханий адеп-ахлактык саламаттыгы үчүн жагымдуу дараметке ээ.

Диндердин кайра жаралуусунун жагымсыз жагы төмөнкүлөр болуп саналат: биринчиден, республикабызга «Хизб-ут-Тахрир», «ИДУ», «Акромийя» сыяктуу тыюу салынган партиялардын жана кыймылдардын атынан саясий исламдын кирип келиши, анын кесепетинен калктын айрым катмарларынын кескин радикалдашуулары. Экинчиден, диний экстремизмдин күнөөсүз көп адамдардын өмүрүн кыйган көрүнүштөрү, үчүнчүдөн, салттуу эмес диндердин жигерденүүсү бүтүндөй республикада прозелитизмдин базасында чыр-чатактуу кырдаал түздү. Төртүнчүдөн, диний фактордун жарандардын саясий жана коомдук жүрүм-турумуна олуттуу таасири болгону менен, ал дале светтик мамлекеттин спецификасына

ылайыктуу институционалдык формаларга ээ боло элек. Бешинчиден, диний элементтердин жигердүү сандык кайра жаралуусу, алар жөнүндө билимдин сапатынын төмөндүгүнөн, ал өзүндө чыр-чатактуу дараметти камтып турат.

Негизинен, биздин өлкөдөгү диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат мамлекеттик-диний мамилелердин светтик тартибин, динди мамлекеттен бөлүүнү жана бардык диний бирикмелердин мыйзам алдында теңдигин аныктоочу жана бекемдөөчү адам укуктары жөнүндө эл аралык ченемдерге ылайык келет.

**Үчүнчү глава: «Кыргыз коомунун коомдук-саясий чөйрөсүн демократиялаштыруунун шарттарында диний моделдеги модернизациялык жана трансформациялык процесстер»**

**3.1. Заманбап диний кырдаал жана анын мам.органдар тарабынан чечилиши** салттуу коомдон жаңы диний моделге карай өтүүсүнө байланыштуу өлкөнүн коомдук-саясий жашоо-турмушунун бардык тарабын модернизациялоону саясий талдоого арналган.

Кыргызстандагы дин чөйрөсүндөгү реформалардын алгачкы убактарында ар башка өлкөлөрдүн диний моделдерин көчүрүү аракеттери болгон. Өлкөдөгү диний кырдаалды талдоонун жүрүшүндө, изденүүчү коомдун диний моделин калыптандыруудагы модернизациялык жана трансформациялык процесстер өздүк тажрыйбага негизденгенин белгилейт. Мындай учурда *модернизациялоо өзгөрүлмөлүү шарттарга жана милдеттерге карата ыңгайлашууга жөндөмдүү диний моделди калыптандыруу процесси, диний моделдеги формаларды, усулдарды жана технологияларды жаңыртуу менен, зарыл натыйжага жетишүүгө эсептелген жаңы технологиялык натыйжалуу иш-аракеттерди түзүүчү катары чыгат. Ушул ыңгайдан алганда, модернизация бардык прогрессивдүү жаңычыл социалдык кайра куруулардын синоними болуп саналат.* Модернизациялык жана трансформациялык процесстер өлкөнүн ар кыл диний уюмдарында жана кыймылдарында жүрүүдө.

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык, исламдын, христианчылыктын, протестантизмдин, католицизмдин, буддизмдин жана башкалардын диний уюмдары каттоодон өткөрүлгөн, коркунуч келтирүүчү деструктивдик жана экстремисттик диний уюмдар жана кыймылдар каттоодон өтүшпөшү керек. Бул уюмдардын жана кыймылдардын ишмердүүлүгү мыйзамсыз катары каралат, экстремизм жөнүндө мыйзамга ылайык укук коргоо органдары жана улуттук коопсуздук күчтөрү тарабынан көзөмөлдө болушат жана куугунтукталышат.

Мындай диний көп түрдүүлүк, диссертанттын ой-пикири боюнча, төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлгөн: биринчиден, мурда расмий таанылбаган жана мамлекет тарабынан куугунтукталган бир катар диний багыттардын

ачыкка чыгууларынын же ишмердиктеринин жаңыланганынын; экинчиден, өлкөдөгү салттуу диндердеги бейуюмдашуу жана бөлүнүп-жарылуу процесстеринин; үчүнчүдөн, чет өлкөлүк диний уюмдардын жигердүү миссионердик иштеринин, негизинен өлкөгө кирип кетишкен протестанттык жана псевдо-протестанттык багыттагы, ошондой эле теги батыштык жана чыгыштык жаңы диний кыймылдар (ЖДК) деп аталгандардын. Мына ушулардын натыйжасында конфессионалдык плюрализм республикадагы заманбап диний кырдаалдын маанилүү айырмалуу өзгөчөлүгү болуп калды.

Өлкөнүн жаңы диний модели, изденүүчү өзгөчө ар тараптан далилдүү баса белгилегендей, динге ишенгендердин, өзгөчө ислам, христиан диндеринин, католиктик канаттын өкүлдөрүнүн коомдук жана саясий жашоо-турмушка катышуусу менен мүнөздөлөт. Алар бир катар коомдук институттардын, ар кыл кайрымдуулук фонддорунун, ооруканалардагы муктаж болгондорду колдоо, жетимдерге, аз камсыз болгондорго ж. б. жардам көрсөтүү боюнча уюштуруу комиссияларынын катарында шайлоо өнөктүктөрүнө жигердүү катышышат. Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү азыркы заманбап диний чөйрөдө, диндик кызмат көрсөтүүдө модернизациялануу өзгөчө мүнөздүү экенин аныктап берет, мында трактаттардын мазмуунуна гумандуулук, жарандуулук, прогрессивдүү идеялары менен улам көп каныккан диний баалуулуктар менен ажырагыс тыгыз байланышта болушканын тапкан. Жаңычыл технологиялар материалдык камсыз кылуудан: мечиттердин, чиркөөлөрдүн жаңы стилинен, үй буюмдарынан, кийим-кечеден тартып, чиркөөлүк инфратүзүмдүн эн-белгилеринде кеңири орун алган.

Уламалардын бардык диний баалуулуктарды жалпыга маалымдоо каражаттары: газета, радио, теле көрсөтүү аркылуу ачып беришкени өлкөнүн коомдук жашоо-турмушуна мүнөздүү болуп баратат. Маалыматтык үгүттү жүргүзүү менен, дин уюмдарынын өкүлдөрү диний радикализмдин улам жайылып баратканы жөнүндө да эскертишет. Акыркы жылдары диний уюмдардын, өзгөчө ислам менен христианчылыктын өкүлдөрү дин иштери боюнча мамлекеттик Концепцияны ишке ашыруу алкагында маалыматтык саясатты иштеп чыгууга катышышууда. Алар өзгөчө республикалык, областтык, райондук жана жергиликтүү өз алдынча башкарууларда ар түрдүү комиссияларга катышуу менен, тынчтыкты сүйүү жана сабырдуулук принциптерин үгүттөө менен сабырдуу исламдын баалуулуктарын алдыга жылдырышууда.

Жаңы диний модель мамлекеттин жана анын органдарынын диний уюмдар, дин жолундагылар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырууга карата адекваттуу, заманбап коомдук-саясий айкындуулуктарга жооп берүүчү мамилелердин болуусун, өнөктөштүк мамилелерде КР эл аралык

келишимдеринде жана КР Конституциясында, эл аралык укуктун Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган принциптерине жана ченемдерине негизделген ченемдик-укуктук базаны жакшыртууну талап кылат. Изденүүчү биздин мамлекетте заманбап диний моделди калыптандыруу үчүн мамлекеттик-диний мамилелерди жаңы коомдук-саясий шарттарда коомдук жашоо-турмуштун демократиялык ченемдерин, адамдын жана жарандын дин тутуу эркиндигин иш жүзүндө камсыз кылууну модернизациялоо менен куруу керек деп эсептейт.

Диний чөйрөдө мамлекетти саясатты реформалоо процесси Кыргыз Республикасынын Коргоо Кеңешинин 2014-жылдын 7-февралдагы Чечиминен, «Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө Кыргыз Республикасынын Коргоо кеңешинин чечимин ишке ашыруу тууралуу» өлкөнүн Президентинин Жарлыгынан башталган. Ушул Чечимдин алкагында: «Дүйнөдөгү акыркы окуяларды талдоо, көз карандысыздык жылдарындагы өздүк тажрыйба кийлигишпөө позициясы, мамлекеттин диний чөйрөдөгү жөнгө салуу иш-милдеттерин бошоңдотуу жаңылыш стратегия болгонун көрсөттү» деп белгиленген. [О реализации решения Совета обороны Кыргызской Республики о государственной политике в религиозной сфере». Указ Президента КР от 07.02.2014.]

Ушул чечимди ишке ашыруу максатында диний чөйрөнү модернизациялоонун эң башкы, артыкчылыктуу багыттары аныкталган, бул: абийир жана дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу; Кыргызстанда светтик мамлекеттин моделин калыптандыруу; башка жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна жана диндин саясатташтырылышына жол бербөө максатында диний уюмдардын ишмердүүлүктөрүнүн чектерин аныктоо; диний чөйрөнү жөнгө салуу жана КР мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, ички конфессионалдык иштерге кийлигишүүнү чектөө максатында мамлекет кийлигишүүчү жааттарды аныктоо; сабырдуу исламды колдоо жана алдыга жылдыруу боюнча саясат жүргүзүү; диний чөйрөнүн радикалдашуусунун алдын алуу; дин маселелери боюнча мамлекеттик-конфессионалдык өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүү; жарандардын диний радикалдашуусунун алдын алуу жана Кыргызстанда диний негизде экстремисттик жана террористтик иштерди болтурбоо; дин таануу сабаттуулугун жана диний билим берүү деңгээлин жогорулатуу. Жогоруда баяндалган бардык теориялык-практикалык сунуштарды чечүү жаңы маалыматтык технологиялар аркылуу аныкталды.

Изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, өлкөнүн дин чөйрөсүндөгү жана коомдук-саясий жашоо-турмушундагы бул модернизациялык процесстер заманбап этаптагы объективдүү, артка кайткыс процесстер. Дин чөйрөсүндөгү модернизациялоонун объективдүү мүнөзү коммуникациялык

тутумдар: теле көрсөтүү, компьютерлер, спутниктер, микросхемалар, интернет ж. б. менен байланыштуу жаңы технологиялардын өсүшү менен шартталган. Ушуга окшогон технологиялар маданий баалуулуктарды, демек, динди ар тараптан шайкештөөгө дем берет. Бул процесстердин бардыгы бүгүнкү күндө заманбап диний модернизмге өбөлгө түзөт, алар заманбап коомдун талаптарына жооп берүүгө жөндөмдүү жаңы диний концепциялардын иштелип чыгылуусун камсыз кылат.

Модернисттер диндин адамдардын жашоосун жана ишмердүүлүгүн жөнгө салууга жөндөмдүү, жана аларды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн көз караштык негиздерди иштеп чыгууга милдеттүү экенин баса белгилөөдөн чарчашпайт, дин алар ырасташкандай, заманбап учурдун коомдук-тарыхый жана социалдык-экономикалык кубулуштарына өзгөчө көңүл бурушу керек. Болбосо азыркы убактын талаптарына ылайык келбеген диний көз караштарды кайра карап чыкмайын, дин учурдун үстөмдүк кылуучу талаптарына ыңгайлаша албайт. Коомдук прогресстин бир дагы модели тигил же бул коомдун объективдүү тарыхый жагдайларын эсепке албай туруп ийгиликтүү болушу мүмкүн эмес. Кыргызстандык социумдагы диний кырдаалдын өзгөчөлүгү, изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, бул баарыдан мурда Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү катары белгилениши мүмкүн эмесинде болуп саналат. Конституцияда диний бирикмелерге, алардын өкүлчүлүктөрүнө жана филиалдарына иш-аракеттери диний негизде конституциялык түзүлүштү зордук-зомбулук менен өзгөртүү, улуттук коопсуздукка коркунуч келтирүү, социалдык, расалык, улуттар аралык, этностор аралык диний касташууну тутантуу сыяктуу саясий максаттарды көздөп иш алып барууларына тыюу салынган.

**3.2. Өлкөнү демократиялаштыруунун шарттарында диний моделди модернизациялоо процесстери** кыргызстандык социумдун улуттук-мамлекеттик өнүгүүсүндөгү трансформациялык процесстер ар түрдүү улуттардын, социалдык топтордун, дүйнөлүк диндердин өкүлдөрүнүн чыныгы демократиялык коомду куруудагы консенсусун талап кылат. Ошондой эле коомдун өнүгүүсү абстрактуулукка, анын ичинде коомдук өнүгүүнүн диний-саясий альтернативаларына кайдыгер мамиле кылууга мажбурлайт. Коомдогу бул трансформациялык процесстер мамлекеттик-конфессионалдык мамилелердин чыңдалуусуна өбөлгө болот. Мамлекеттик көзөмөлдүн күчөшү дегенде, диний процессти чечүүдө баарыдан мурда, мыйзамдык чараларды өркүндөтүү түшүнүлөт. Ошол эле убакта мамлекеттик саясат динге ишенгендерди куугунтуктоонун катаал чараларын аныктоодо чектен чыгып кетпөөнү зарыл деп эсептейт.

Дин боюнча мамлекеттик саясаттын трансформациялык процессинин маалыматтары дин чөйрөсүнө тийиштүү кабыл алынып жаткан

мыйзамдардын сапаты жөнүндө маселелер менен байланышкан көйгөйлөрдү ачыкка чыгарат. Изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, мыйзам долбоорлору мамлекеттик органдарда аларды кароонун ар кыл баскычтарында дыкат алдын ала көзөмөлгө алынышы керек. Албетте, кабыл алынып жаткан мыйзамдардын сапатына прокуратура таасирин тийгизе алат, ал белгилүү болгондой, алдын ала конституциялык көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ.

Диний чөйрөдөгү трансформациялык процесстер биздин өлкөнүн укуктук тутумунун негиздеринин бирин – адамдын жана жарандын табигый укуктарынын теориясын козгоду. Бул – ар бир динге ишенген адамдын абийир, дин тутуу эркиндиги. Ар бир адамдын башкалардын жарандык укуктарынын жана эркиндиктеринин чектелишине же аларды жоготуусуна алып келбеген дүйнөгө болгон көз карашты тандоонун ажыратылгыс укугуна ээлиги. Абийир, дин тутуу эркиндиги башкалардын эркиндигине жана жеке кадыр-баркын кемсинтпестен, жекече же башкалар менен бирдикте кандай болбосун динди тутууга, же эч кандай динди тутпоого, эркин тандап алуу жана диний жана башка ынанымдарды жайылтууга жана ошого ылайык аракет кылуу укугун өзүнө камтыйт. Жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууну камсыз кылуу механизми тууралуу айта турган болсок, бул маселени чечүүдөгү негизги роль мамлекетке таандык.

Изденүүчү бүгүнкү күндө мамлекет жана анын институттары гана жалпы дүйнөлүк, аймактык жана улуттук масштабдагы диний кырдаалды эске алуу менен диний чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн саясий-укуктук каражаттарынын жана механизмдеринин кыйла толук топтомуна ээлик кылат деп эсептейт. Эгерде диний көйгөйлөрдү чечүүнүн келечеги тууралуу кеп кыла турган болсок, анда руханий баалуулуктарды эске алуу менен, укуктук саясатты тийиштүү оңдоп-түзөөсүз мүмкүн эмес. Изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, диний чөйрөнү жөнгө салуу жаатындагы негизги мыйзамдар кабыл алынганына карабастан, адамдын дин тутуу эркиндиги укуктарын камсыз кылуунун жана сактоонун укуктук негиздерин андан ары өркүндөтүү зарыл. Заманбап мыйзамдарда алар күндөлүк иш-тажырыйбанын муктаждыктарына бир кыйла тагыраак жакындаштырылышы, ошондой эле мыйзамдардын талаптарын ж. б. аткарбаганы үчүн жоопкерчиликтер дагы так белгилениши керек.

Модернизациялык процесстер чет өлкөлүк диний уюмдардын өкүлчүлүктөрүн өлкөдө каттоого алуунун, ачуунун жана жабуунун тартибин аныктоодогу жоболор жөнүндө маселелер боюнча мамлекеттик-конфессионалдык мамилелерди иретке салуунун механизмдерин козгоду. Алардын негизин республиканын юридикалык органдарындагы мамлекеттик

дин таануу экспертизалары түзөт.

Диний чөйрөдөгү модернизациялык процесстер ошондой эле динге ишенгендердин өлкөнүн коомдук-саясий жашоо-турмушуна, жарандык эле эмес, ошондой эле саясий иш-чараларга катышуу көйгөйлөрүн да козгоду. Дүйнөлүк диндердин, алардын уюмдарынын өкүлдөрүнүн шайлоо процесстерине катышуу же катышпоо маселеси – бул канчалык саясий маселе болсо, ошончолук алардын жарандык маселеси, демек, алардын коомдук жетилгендигинин, Кыргызстан үчүн социалдык маанилүү иштерге катышууга даяр экендиктеринин маселеси. Ушул ыңгайдан алганда, өлкөнүн динге ишенгендеринин электоралдык жигердүүлүгүн, шайлоого карата көз карашын, дин башкармалыгынын динге ишенгендердин социалдык жана саясий жигердүүлүгүнө таасир этүү механизмдерин ж. б. көз жаздымында калтырбоо жөн гана керек эмес, принципиалдуу зарыл мааниге ээ болот.

Диний чөйрөдөгү жогоруда баяндалган модернизациялык процесстер бир кыйла маанилүү иштерге өбөлгө болду: биринчиден, ар түрдүү диний субъекттердин мамлекеттин укуктук талаасына тартылууларына; диний субъекттердин улуттук коопсуздукту бекемдөөгө катыштырууга карата тутумдук мамиленин иштеп чыгууга; диний фактордун жагымдуу дараметин пайдаланууну жана жагымсыз көрүнүштөргө каршы аракеттерди эсепке алуу менен, коомдун саясий чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүүгө; алардын диний субъекттерге каршы багыттабоосу үчүн саясий чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөгө алууга ж. б.

Экинчиден, өлкөнү демократиялаштыруунун шарттарында республикадагы диндерди жегердүү институционалдаштыруу диний жамааттардын калыптануусу жана диний аң-сезим институтунун кайра жаралуусу, диний жамааттардын жигердүү өз өзү аныктоосу жана диний идентификациялануусу менен аныкталат.

Үчүнчүдөн, биздин өлкөнүн калкынын арасында, өзгөчө жаштар арасында динге кызыгуу өзгөчө кескин күчөдү. Автордун ой-пикири боюнча, динге карата кызыгуу өзүн өзү иденттөө мүнөзүн алып жүрөт, бирок биздин өлкөнүн калкы үчүн диний муктаждык болуп саналбайт. Бул маселе боюнча биздин тыянак мындай: *диний иденттүүлүк этностук өз алдынчалуулуктун көрүнүшү катары чыгууда.* Дин жолуна түшүү биздин замандаштарыбыз үчүн айкын берилүү эмес, символикалык мааниге гана ээ. Биз ошондой эле диний иденттүүлүк көрүнүштөрү кыргыз коомунун түрдүү сегменттеринде ар башкача болорун аныктадык.

Изденүүчү кыргыз коомунун диний иденттүүлүгү төмөнкү жагдайлар менен мүнөздөлөт деп эсептейт: биринчиден, диний принциптер өлкөнүн калкынын коомдук-саясий жашоо-турмушуна кире баштады; экинчиден, диний принциптер өзүнүн таасирин калктын басымдуу көпчүлүгүнүн

күндөлүк жашоо-тиричилигене тийгизүүдө, анан да дин калктын коомдук аң-сезиминде өзгөчө орунду ээлей баштаганы мүнөздүү; үчүнчүдөн, коомдун баардык катмарларынын өзүн өзү диний идентификация процесси жүрүүдө; төртүнчүдөн, бир аз мурдараак кыргыз коомунун жашоо-турмушундагы аныктоочу секуляризация процессинин артынан эле бүгүн динге берилгендик көз көрүнө.

Изденүүчү өлкөнү демократиялаштыруунун шарттарында диндердин кайра жаралуусуна төмөнкү факторлор таасирин тийгизди деп эсептейт: тышкы факторлор – батыштык либералдык баалуулуктардын мусулмандыкка каршы туруусу; ислам мамлекеттеринин дин боюнча өз боордошторунун диний билимин көтөрүүгө кызыкдарлыгы; биздин өлкөгө келишкен мусулман миссионерлеринин жигердүү ишмердүүлүгү; динге болгон кызыгууну чет өлкөлүк диний жана диний-публицистикалык адабияттын улам көбөйүп бараткан агымы ого бетер күчөтүүдө.

Жогоруда саналган тышкы факторлордон сырткары, республикада исламдын кайра жаралуу процессине өз ара байланыштагы төмөнкү объективдүү ички өбөлгөлөрдүн комплекси олуттуу таасирдиин тийгизди: 1. XX кылымдын 80-жылдарынын аягында – 90-жылдарынын башында диний саясаты либералдаштыруу коомдук-саясий өбөлгө болуп калган; 2. Өз кезегинде коммунисттик идеологиянын бүткүл жалпы кризисинин кесепети болгон коомдо түзүлгөн идеологиялык боштук идеологиялык өбөлгөлөргө кирет; 3. Социалдык-экономикалык өбөлгөлөргө социалдык жана экономикалык туруксуздугу менен мүнөздөлүүчү өткөөл мезгилдин спецификалык өзгөчөлүктөрү, анын кесепеттери катары адамдардын материалдык кыйынчылыктары, кедейчилик, жакырчылык, социалдык адилетсиздик, эртеңки күнгө ишенимдин жоктугу кирген.

**«Кыргыз Республикасында диний моделди модернизациялоонун жаңычыл технологиялары»** деген **IV глава** ааламдашуу шарттарында диний моделди башкаруунун жаңычыл технологияларын колдонуу менен дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын болочогунун маселелерин карайт.

**4.1. Мамлекеттик саясат натыйжалуу диний моделди камсыз кылуунун негизги фактору катары** мында диний иштерде келип чыгуучу чыр-чатактуу кырдаалдарда жаңычыл технологиялык ыкмаларды пайдалануу менен дайындуу таасирдүү реформаларды ишке ашыруунун жөн-жайлары каралат. Диний иш-тажрыйба көрсөткөндөй, заманбап диний моделди турукташтыруунун бул чакырыктары жана коркунучтары, диний экстремизимдин жана терроризмдин күч алуусу, исламдын саясатташуусу менен эле эмес, ошондой эле салттуу эмес диний окуулардын (Кришна, Бахай коомдору, Мун чиркөөсүнө биригүү, Христ балдары, Хиз-бут Тахрир аль Ислами ж.б. жамааттарды) үгүттөөдөн пайда болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө

биз «саясий ислам», «фундаментализм», «исламизм», «саясий экстремизм», «радикализм», «терроризм», «диний экстремизм» көрүнүштөрүн ажырымдап-бөлүү аракети жасалган. [Конституция партии Хизб-ут-Тахрир [Текст] //http://www/hizb–ut–tahrir/info/English/constitution/htm.] Ар тараптан талдоонун негизинде алардын башаттарын төмөнкүдөй топторго бөлүү керек: социалдык-экономикалык – жакырчылык, сабатсыздык, психологиялык өнөкөттөр; геосаясий (географиялык факторлор, Батыштын терс таасирлери – ааламдашуу процесси); саясий (терроризм – саясий чыр-чатактардын туундусу) – саясий эркиндиктин төмөн деңгээли; идеологиялык (зордук-зомбулукту үгүттөө).

Биздин өлкөдөгү диний моделди мындан ары өркүндөтүү үчүн, изилдөөчүнүн пикири боюнча, баарыдан мурда, мамлекеттин жана диний уюмдардын ортосундагы өнөктөштүк мамилелерди, ошондой эле жарандык коом менен диндин ортосундагы өнөктөштүк мамилелерди калыптандыруу аркылуу мамлекеттик саясатты күчөтүү зарыл. Булардын ортосундагы мамилелер алардын институттарынын өз ара жоопкерчиликтүүлүгү, алардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн бардык өңүттөрүндө өркүндөтүүгө өбөлгө болуучу өзгөчө бир өз ара «кайра байланыштын» болуусу менен аныкталат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө автор ар кыл диндердин бири-бирине карата толеранттуулук – сабырдуу мамиле кылууну тарбиялоо сыяктуу механизмдерсиз биздин өлкөдө диний моделдин натыйжалуулугун, туруктуулугун камсыз кылуу мүмкүн эместигин белгилейт, жана бул кырдаалдык жагдайдын эле көйгөйү болбостон, үзгүлтүксүз максаттуу иш-аракет болуусу тийиш. Коомдо туруктуулукту камсыз кылуунун кечиктирилгис милдети катары толеранттуулукка – сабырдуулукка тарбиялоону – бири-биринин кызыкчылыктарына карата өз ара чыдамдуулукту тарбиялоону кароо зарыл. Чыдамдуу жашоо ыңгайы ар түрдүү диний топтордун өкүлдөрүнүн психо-этикалык ой-пикирлери, аяр мамиле кылуу, рефлексивдүүлүк, эркиндик, жоопкерчиликтүүлүк, корголгондук, ийкемдүүлүк, ишенимдүүлүк, токтоолук, вариативдүүлүк, эмпативдүүлүк, тамашаны туура кабылдоочулук менен мүнөздөлөт. Толеранттуулук – бөтөн маданиятка, башкача ой-пирирге карата сабырдуу мамиле кылууну, ишенүүнү, туура түшүнүшүү менен кароону ж. б. белгилүү бир мамилелердин алкагында, анын ичинде өз ара аракеттенүү процесстеринде чогуу жүрүп-турууну, сабырдуу мамиле жасоону билдирет. Изденүүчү чыдамдуулукту өлкөдө жаңы диний моделди калыптандыруунун жана туруктуулукту камсыз кылуунун өктөм шарттарынын, коомдогу мамилелерди тынчтык нукка багыттоочу факторлордун бири деп эсептейт. Мында жаңычыл технологиянын мүнөздөмөлөрүнүн бири катары консенсустун жана компромисстин жаңы усулдарын пайдалануу

модернизациялык процесстерди башкарууну натыйжалуу өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Консенсустар жана компромисстер саясий-социалдык институттар катары коомдук-саясий жагдайлардын ар түрдүү деңгээлдеринде бул же тигил кыйчалыш окуяларды аныктоо, башкаруу, чечүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Изденүүчү диний моделдин демократиялык маданияты үчүн бүгүнкү күндө ой жүгүртүүнүн диалогго негизденген стереотиби мүнөздүү деп эсептейт, ал баарыдан мурда, мораль менен укуктун алкагынан чыкпай, акыл-эстүү компромисстер жолу менен, ар түрдүү позициялардын өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын макулдашууну билдирет. Диний моделди калыптандырууда жана өркүндөтүүдө коомдун диний моделин башкаруунун технологиясы катары сүйлөшүүлөр демократиялык маданияттын элементтеринин бири болуп саналат. Көптөгөн изилдөөчүлөр, бүгүнкү күндө заманбап дүйнөдө зордук-зомбулукка негизденген технология жагымдуу жөнгө салууга өтө сейрек алып келет деп эсептешет. Азыркы учурда сүйлөшүүлөрдүн технологиясы биздин коомубуздун диний моделиндеги тигил же бул «келишпестиктерди» жөнгө салууда сүйлөшүүлөрдүн өзгөчө өнүккөн жана ар башка түрдөгү формаларына ээ болууда. Сүйлөшүүлөрдүн стратегиясы негизинен тигил же бул талаш-тартыштарды чечүүдө дайындуу позициялар жөнүндө талаш-тартыштарга багытталган. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө өз ара чегинүүлөр болушу мүмкүн, алар компромисстик чечимге жана макулдашуу түзүүгө алып келиши ыктымал. Мындай компромисстик чечимдер «кечиктирилгис тынчтык сүйлөшүүлөр» деп аталышат.

**4.2. Коомдогу диний моделди башкаруунун көйгөйлөрү жана келечеги,** изденүүчү абдан туура эсептегендей, биздин коомдо диний моделди калыптандырууда башкаруучулук таасир тийгизүүнүн институционалдаштырылган маанилүү ыкмасы, үчүнчү тараптан кийлигишүү ыкмасы катары ортомчулук институту, анын максаты ар түрдүү талаш-тартыштарды жөнгө салууга жана кызматташтыкты жолго коюуга көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Изденүүчүнүн ой-пикири боюнча, заманбап убакта биздин өлкөдө натыйжалуу, туруктуу диний моделди калыптандырууга, биздин өлкөнүн мыйзамдарынан тышкары турушкан диний экстремизмдин жана терроризмдин өкүлдөрү «жолтоо» кылышы мүмкүн. Өздөрүнүн теориялык жана практикалык иш-аракеттери менен мисалы, республикадагы радикалдык исламдын дин кызматчылары туруктуулукту бузуучу жагдайды түзүүлөрү мүмкүн: диний экстремизм ага ылайык халифатты куруу – бул бардык таза, чыныгы мусулмандардын көксөгөн тилеги болгон өз концепциясын алга сүрөйт. Диний экстремизмдиндин кызматчылары

өздөрүнүн тарапташ динчилеринин алкагын кеңейтүү аракетинде болушат. Башталгыч этапта алар алгач айылдарда, райондордо, андан соң областтарда, аймактарда өз жамааттарын түзүшкөн. Андан кийин, алар айтып жүрүшкөндөй, бир өлкөнүн чектеринде ислам мамлекетин түзүлүшү керек, бул исламдаштыруунун кезектеги деңгээлин билдирет. Күч, укук коргоо органдарынан алынган маалыматтар көрсөткөндөй, диний экстремизмдин жана терроризмдин иш-аракеттери алардын көзөмөлүндө турат. Дин жолундагылар менен биздин мамлекетте алардын идеологиялык түзүмдөрүнүн маанисиздиги тууралуу түшүндүрүү, алдын алуу иштери жүргүзүлүп турат.

Жүргүзүлгөн изилдөөдөн алынган натыйжалар коомдук-саясий жашоо-турмуштагы диндин жана диний уюмдардын ролун аныктоого, анын республиканын руханий коопсуздугуна таасиринин мүмкүнчүлүктөрүн жана натыйжаларын, дин чөйрсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциясын кабыл алгандан кийин биздин коомдогу диний моделдин кандайча өзгөргөнүн баалоого мүмкүнчүлүк берди. Демократиялык, светтик Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндөгү модернизациялык жана трансформациялык процесстерди окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактар чыгарылды:

XX кылымдын 80-жылдарынын аягында СССРдеги «кайра куруу жана ачык-айкындык» саясаты диний чөйрөнүн үстүнөн мамлекеттик көзөмөлдүн солгундоосун шарттады, анын натыйжасында коомдо динди легитимдештирүү процесси башталды. Бирок анын нукура кайра жаралуусу 1991-жылдан тартып, Кыргызстан эгемен, демократиялык мамлекетти түзүү жолуна түшкөндөн жана абийир жана дин тутуу эркиндиги жаатында эң либералдуу мыйзамды кабыл алгандан кийин башталды.

Кыргызстандагы мамлекеттик-конфессионалдык мамилелердин өнүгүүсүн талдоого алуу алар эки башка коомдук-экономикалык системада эки моделден өтүшкөнүн аныктоого мүмкүнчүлүк берди: советтик мезгилде төбөлдүк-атеисттик; 1991-жылдан тартып азыркы убакка чейин либералдык. Изилденип жаткан мезгилде республикада диндердин кайра жаралуу процессин изилдөө анын өнүгүүсүндөгү бир нече этапты бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет: 1985–1990-ж.ж. – динди легитимдештирүү мезгили; 1991–2008-ж.ж. – диндердин бекемделүү мезгили; 2008-жылдан тартып азыркы мезгилге чейин – ички мобилизациялоо мезгили жүрүүдө.

Кыргыз Республикасынын эгемен мезгилинде мамлекеттин жана диндин өз ара мамилелеринин светтик мүнөзү аныкталган диний модель түзүлдү: мамлекет дин иштерине кийлигишпейт, өз кезегинде дин мамлекеттин саясатынын тышкары турат. Өлкөнү демократиялаштыруу шарттарында бул либералдык өз ара мамилелер өзүнүн натыйжалуу, туруктуу диндештирүү

моделин алышты, ага ар түрдүү конфессиялар жана салттуу эмес диний агымдар катышышууда.

Биздин коомдо диний моделди андан ары өнүктүрүүнүн конструктивдүү, жаңычыл, технологиялык усулдары абийир эркиндигинин, диндердин жана диний уюмдардын, динге ишенгендердин укуктарынын теңдигинин ж. б. конституциялык принциптерин бекем сактоо менен байланыштуу.

Биздин өлкөдө диний кырдаалдын андан ары өсүүсүнүн мүнөздүү багыты мамлекеттик бийликтин светтик мүнөзүнүн андан ары бекемделиши менен байланышкан, бул мамлекеттин диний уюмдардын жаңы концепциясын кабыл алганын жана анын мамилелеринин ички жөндөөчүсүнүн милдетин өзүнө алганын билдирет. Жаңы диний модель мамлекет менен диндердин ортосундагы өнөктөштүк мамилелерди жүзөгө ашырат: бул – өз ара ишенимге негизденген, ачык өз ара мамилелер, мында бири-бирине ишенүүнүн деңгээли теңдик, гумандуулук саясаты менен аныкталат. Мамлекет өзүнүн ишинде акыркы жылдары динге карата мамилелери боюнча өнүгүүнүн дайындуу, цивилизациялуу диний моделди турукташтырууга багытталган натыйжалуу технологиялык усулдарды колдонууга киришти. Изденүүчү республикада мамлекеттин жана диний жамааттардын өз ара мамилелеринин заманбап этабында кабыл алынган жаңы Концепциясында демократиялык мамлекеттин натыйжалуу диний моделин калыптандыруунун стратегиясы иштелип чыккан деп эсептейт. Бул мамилелердин концептуалдык негизи жаңычыл технологиялардын төмөнкү принциптеринен келип чыгат: 1. Диндерди жана бардык сыйынып-табынууларды мамлекеттен бөлүү; 2. Мамлекеттик билим берүү тутумунун светтүүлүгү; 3. Жарандардын динге карата мамилесине көз карандысыз теңдиги, диндердин жана диний уюмдардын мыйзам алдындагы теңдиги; 4. Диний уюмдардын өзүн өзү аныктоо, өзүн өзү башкаруу укугун жана юридикалык жак укуктук статусун камсыз кылуу; 5. Дин тутуу эркиндигин, ынанымды жана дүйнөгө көз карашты тандоо эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды же башка ченемдик-укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салуу; 6. Ар түрдүү диндердин жана диний уюмдардын өкүлдөрүн тартуу, мамлекеттин ички жана тышкы саясатын жүргүзүүдө алардын пикирлерин эсепке алуу; 7. Ар түрдүү диндик ишенимдердин жолун жолдоочулардын ортосундагы, динге ишенгендер менен ишенбегендердин ортосундагы өз ара сабырдуулукту жана сый-урматты бекемдөө.

Жаңы саясатта өлкөнүн улуттук, маданий жана тарыхый өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен диндердин жагымдуу башаттарына кайрылуу максатка ылайыктуу болуп саналат, бул конфессиялар аралык толеранттуулукту, сабырдуулукту жана ынтымак-ырашкерликти колдоо үчүн бекем негиздерди түзөт.

Диссертант өлкөдө натыйжалуу, туруктуу конфессиялар аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн мындан аркы мүнөздүү багыттары көп жагынан ислам динине көз каранды деп эсептейт, себеби аны тутунгандардын жана ислам уюмдарынын саны абдан арбын жана алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында аракеттенишүү менен светтик бийлик түзүмдөрүнө багыттамаланышат.

## КОРУТУНДУ

1. Саясий-социологиялык илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары диндердин ушунчалык тездик менен жанданууларынын тышкы дагы ошондой эле ички дагы себептерин, алардын өлкөнүн коомдук-саясий жашоо-турмушуна тийгизген оң жана терс жактарын табууга мүмкүнчүлүк берди.

2. Тышкы факторлор төмөнкүлөр болуп саналат: биринчиден, көптөгөн өлкөлөрдүн геосаясий кызыкчылыктары республиканы христиандаштырууда, католиктештирүүдө, исламдаштыруу; республиканын эл аралык ислам уюмдарына биригүүсү, алар менен расмий байланыштарды түзүүсү; диний уюмдардын жигердүүлүгүн идеологиялык боштукту толтуруу аракети, коомдун адеп-ахлактык жербайын бекемдөөнүн каражаты катары карай турган болушту.

3. республиканын эл аралык ислам уюмдарына биригүүсү, алар менен расмий байланыштарды түзүүсү; диний уюмдардын жигердүүлүгүн идеологиялык боштукту толтуруу аракети, коомдун адеп-ахлактык жербайын бекемдөөнүн каражаты катары карай турган болушту.

4. Социалдык чыңалуулардын шарттарында калктын белгилүү бир бөлүгүнүн радикалдашуусу.

5. Аймакташуучулук. Кыргызстанда ислам бир түрдүү эмес, өзүнүн аймактык бөтөнчөлүктөрүнө ээ: айталы, Түштүк исламдын жактоочулары болуп саналса, Түндүк – ислам менен катар христианчылыкты жана салттуу эмес диний агымдар дагы жетиштүү. Кыргызстанга мамлекеттик-конфессионалдык өз ара аракеттенүү принциптерин жана усулдарын кайра карап чыгуу зарыл. Радикалдык исламдаштыруу, белгилүү болгондой, айкын ислам менен эч кандай жалпылыгы жок. Ал өзүндө бүткүл мусулман дүйнөсү үчүн чоң тобокелдиктерди алып жүрөт.

6. Бир катар объективдүү жана субъективдүү факторлорго байланыштуу радикалдуу ислам кыргыздар үчүн, кайрадан жарала баштаган кыргыз этносу үчүн өзгөчө коркунучтуу. Ашкере исламдашуу түздөн-түз улуттук өз алдынчалыкты жоготууга жана коомдун манкурттушуусуна алып барат.

7. Заманбап шарттарда диний моделди модернизациялоонун маңызын жана багытталгандыгын методологиялык талдоо толук актуалдуу мүнөзгө ээ.

Акыркы убактарда дин коомдун жана мамлекеттин жашоо-турмушунда көз көрүнө айкын сезилерлик роль ойной баштады. Түзүлгөн кырдаалдын татаалдыгы конфессиялардын санынын кескин көбөйүшү, фундаментализмдин ар түрдүү вариацияларынын дүркүрөп өсүшү, салттуу эмес диний багыттардын (адвентистердин, бахаисттердин, кришнаиттердин ж. б.) ишмердүүлүктөрүнүн жигерденүүсү менен байланышкан. Диний негизде келип чыккан мындай кырдаал аргасыз чыңалуу абалын же кооптуулукту жаратат.

8. Ааламдашуу шарттарында диндерди модернизациялоо төмөнкүдөй жалпы мүнөздөрдү алып жүрөт: а) бардык диндерди модернизациялоо; б) бардык мусулман өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда исламды модернизациялоо. Мындай шарттарда кандай болбосун диндин максаты адамдардын аң-сезимине жана ички дүйнөсүнө таасир этүү, жаңы диний маани-маңызга ээлик кылуу болуп саналат. Ааламдашуунун шарттарында диндерди модернизациялоо ар башкача жүзөгө ашырылат. Биздин өлкөдө эле эмес, ошондой эле дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө жүрүп жаткан диний моделди модернизациялоонун илимий жана саясий-методологиялык талдоосу бул социалдык феноменди туура чечмелөө, түшүнүү жана түшүндүрүү үчүн абдан зарыл.

9. Изденүүчү биздин өлкөнүн диний чөйрөсүндөгү кырдаалды аныктоодо мониторинг иштерин жигердүү жүргүзүү жана аларды жакшыртуу боюнча практикалык чараларды адекваттуу иштеп чыгуу зарыл деп эсептейт. Бул процесстер чет өлкөлүк төмөнкү жаңычыл технологияларды пайдалануу менен туруктуу негизде болушу керек: диний уюмдардын материалдык негиздерин кошуп алганда, жер-жерлерде диний чөйрөнү реформалоонун практикалык маселелерин чечүү боюнча мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарынын биргелешкен кызматташтыгын жигердендирүү; диний сабаттуулукту жана жаңы мамлекеттик дин саясатынын маселелери боюнча жарандарды маалыматтуулугун жогорулатуу; сабырдуу, салттуу исламды алга жылдыруу; диний радикализмди жана экстремизмди алдын алуу боюнча практикалык иш-аракеттерди жүргүзүү.

10. Жогоруда баяндалган бардык методологиялык мамилелер кыргызстандык демократиялык, светтик мамлекеттеги диний көп түрдүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен, коомдогу жаңы диний моделдин негиздерин бекемдейт.

**Жарыяланган эмгектердин тизмеси**

1. Современные разновидности религии в кыргызстанском обществе [Текст] //Известия вузов.–2010. –№ 9. – С. 128-131.

2. Теоретико-методологические аспекты исследования религий в

социально-политическом процессе Кыргызстана [Текст] //Известия вузов.– 2010. –№ 9.– С. 142-145.

3. Теоретические вопросы религий: сущность, функции и роль религий [Текст] // Социальные и гуманитарные науки – 2011. –№ 5-6. – С. 140-143.

4. Понятие «религия» и предметно-объектная сторона религии [Текст] // Наука и новые технологии. – 2011. –№ 9. – С. 218-220.

5. Происхождение религии и исторические типы религий [Текст] //Наука и новые технологии. – 2011. –№ 9. – С. 231-234.

6. Влияние религии на социально-политические процессы суверенного Кыргызстана [Текст] // Известия вузов. – 2012. – №7. – С. 193-196.

7. Религиозный экстремизм и терроризм – реальная опасность этнополитической стабильности [Текст] // Известия вузов. – 2012. – №7. – С. 200-203.

8. Трансформация государственно-конфессиональных отношений в суверенном Кыргызстане [Текст] // Наука и новые технологии. – 2012. – № 8. – С. 239-241.

9. Сравнительный мониторинг религиозных ситуаций в суверенном кыргызстанском обществе [Текст] // Наука и новые технологии. – 2012. – № 8. – С. 231-234.

10. Эволюция религий в социально-политическом процессе Кыргызской Республики [Текст] // Наука и новые технологии. – 2012. – № 9. – С. 174-176.

11. Религиозная идентификация в кыргызстанском обществе [Текст] // Наука и новые технологии. – 2012. – № 9. – С. 180-183.

12. Проблемы религии в суверенном Кыргызстане в условиях глобализации [Текст] // Социальные и гуманитарные науки. – 2012. – № 3-4. – С. 150-153.

13. Религиозная ситуация в условиях глобализации в кыргызстанском обществе [Текст] // Социальные и гуманитарные науки. – 2012. – № 3-4. – С. 154-157.

14. Общественно-политические процессы развития христианской религии в кыргызстанском обществе [Текст] // Известия вузов. – 2012. – №5. – С. 119-122.

15. Религиозные факторы, влияющие на общественно-политический процесс Кыргызстана [Текст] // Известия вузов. – 2012. – №5. – С.110-114.

16. Политология учебник для студентов. Бишкек, 2014.- 449с.

17. Саясат таануу: учебник для студентов. Бишкек, 2012.- 239с.

18**.** Политология учебно-методический комплекс. Бишкек, 2014.- 191с.

19. Адеп-ахлак китеби. учебник для студентов. Бишкек, 2017.- 124с.

20. Идеологические аспекты развития мусульманской общины Кыргызстана: внутренние препятствия и стереотипы мышления [Текст] //

Современные гуманитарные исследования. – 2018. – № 2(81). – С. 107-111.

21. Суфизм как мистическая ветвь в исламе [Текст] // Современные гуманитарные исследования. – 2018. – № 2(81). – С. 111-114.

22. Религиозная терпимость или взаимоуважение между конфессиями Кыргызской Республики [Текст] // Вопросы политологии. – 2018. – № 2(30). – С. 107-114.

23. Религиозный постмодернизм и его политический анализ в Кыргызской Республике [Текст] // Вопросы национальных и федеративных отношений. – 2018. –Вып. № 1(40). – С.52-61.

24. Концепции государственной политики в религиозной сфере [Текст] // Вопросы гуманитарных наук. – 2018.– № 2. –С.93-96.

25. Глобализация в религии: негативные и положительные стороны [Текст] // Вопросы гуманитарных наук. – 2018.– № 2. – С.96-98.

26. Становление ислама как мировой религии в Кыргызской Республике [Текст] // Актуальные проблемы современной науки. – 2018. – № 2. – С.171-174.

27. Религиозная ситуация в Кыргызстане: вчера и сегодня [Текст] // Актуальные проблемы современной науки. – 2018. – № 2. – С.178-181.

**Алмасбек Бектурганович Канаевдин “Кыргыз коомунда дүйнөлүк диндердин модернизациялык процесстерин изилдөөнүн методологиясы” деген темадагы саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** модернизациялоо, диний модель, жаңычыл технологиялар, светтик мамлекет, саясий өңүттөр, диндер аралык мамилелер, трансформациялык процесстер, мамлекеттик саясат, дин.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз Республикасындагы азыркы кездеги диний модель.

**Изилдөөнүн предмети:** республикада диний моделде болуп жаткан жаңычыл технологиялар жана кыргыз коомунун социалдык-саясий процесстерине дүйнөлүк диндердин тийгизген таасири.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасындагы демократиялык, светтик мамлекеттин диний моделин, диний моделдин түшүнүктүк-категориалдык аппаратын талдоо, биздин коомдогу дүйнөлүк диндердин маңызын ачуу жана коомдун диний моделинин негизги критерийлерин аныктоо жана дайындаштыруу.

**Изилдөөнүн усулдары:** жалпы илимий тутумдук мамиле, ошондой эле изилдөөнүн диалектикалык, формалдуу-логистикалык, саясат таануучулук, институционалдык жана компаративдик усулдары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңычылдыгы:** Эмгек кыргыз саясат таануу илиминде эгемен Кыргыз Республикасындагы диний моделдеги жаңычыл технологияларды пайдаланууну комплекстүү изилдөөгө алган алгачкы аракет болуп саналат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкү жаңы илимий жыйынтыктар алынды, диний моделдин түшүнүктүк-категориалдык аппараты тутумдаштырылды жана чечмеленди, диний моделдин автордук концептуалдык чечеленип-түшүндүрүлүшү сунушталды, дин “эл үчүн апийим” катары эсептелген коммунистик буйрукчул-төбөлдүк шарттамдан өтүүнүн шартындагы диний моделдин негизи спецификалык өзгөчөлүктөрү аныкталды, кыргыз коомунун эгемендүүлүгүнүн шартындагы диний моделдин саясий-укуктук негиздери ар тараптан изилденди.

**Колдонуу боюнча сунуштамалар:** Диссертациялык иштин жалпылаштырылган концептуалдык жоболору демократиялык, светтик мамлекетеги элдердин руханий жана маданий жашоо-турмушунун диалектикасын окуп-үйрөнүүдө пайдаланылышы мүмкүн.

Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары дүйнөлүк диндердин иштөө диалектикасын, алардын кыргыз коомун демократиялаштыруу шарттарындагы социалдык чагылуусун түшүнүүдө колдонулушу мүмкүн. Ошону менен бирге, диссертациялык изилдөөнүн илимий тыянактарын дин таануу, саясат таануу, маданият таануу боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда, диний жана саясий көйгөйлөрдүн күндөлүк практикалык милдеттерин чечүүдө колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Канаева Алмасбека Бектургановича на тему: «Методология исследования модернизационных процессов мировых религий в кыргызстанском обществе» на соискание ученой степени доктора политических наук по специальности: 23.00.02 – политические институты, процессы и технологии.**


**Ключевые слова:** модернизация, религиозная модель, инновационные технологии, светское государство, политические аспекты, межконфессиональные отношения, трансформационные процессы, государственная политика, светское государство, религия.

**Объектом исследования:** является современная религиозная модель в Кыргызской Республике.

**Предмет исследования:** являются инновационные технологии в религиозной модели происходящие в республике и влияние мировых религий на социально-политические процессы кыргызстанского общества.

**Цель исследования:** Анализ религиозной модели демократического, светского государства в Кыргызской Республике, понятийно-категориального аппарата религиозной модели раскрыть сущность мировых религий, в нашем обществе и определить и конкретизировать основные критерии религиозной модели общества.

**Методы исследования:** общенаучной, системный подход, также применялись диалектический, формально-логистический, политологический, институциональные и компаративные методы исследования.

**Полученные результаты и новизна:** Работа является первой попыткой в кыргызстанской политической науке комплексного исследования использования инновационной технологий в религиозной модели суверенной Кыргызской Республике. В ходе проведенного исследования были получены следующие новые научные результаты, систематизирована и расшифровано категориально-понятийный аппарат религиозной модели, предложена концептуальная авторская интерпретация религиозной модели, определена специфическая основа религиозной модели в условиях перехода от коммунистического тоталитаризма, где религия учитывалась как «опиум народа», исследовано политико-правовое основания религиозной модели в условиях суверенитета кыргызстанского общества.

**Рекомендация по использованию.** Обобщенные концептуальные положения диссертационный работы могут, использованы в изучении диалектики духовной и культурной жизни народов в демократическом, светском государстве.

Результаты исследования могут применяться в понимании диалектики функционирования мировых религий их социальной проекции в условиях демократизации кыргызстанского общества. Вместе с тем, научные выводы диссертационного исследования можно использовать в разработке специальных курсов по религиоведению, политологии, культурологии, в решении практических задач религиозных и политических проблем.

**SUMMARY**

**of dissertation of Kanaev Almasbek Bekturganovih on the topic: «Methodology for the study of the modernization processes of world religions in the Kyrgyz society» for the degree of Doctor of Political Sciences, specialty: 23.00.02 - political institutions, processes and technologies.**

**Key words:** modernization, religious model, innovative technologies, secular state, political aspects, interfaith relations, transformational processes, state policy, secular state, religion.

**Object of research:** is the modern religious model in the Kyrgyz Republic.

**Subject of research:** are innovative technologies in the religious model taking place in the republic and the influence of world religions on the socio-political processes of the Kyrgyz society.

**Purpose of the study:** Analysis of the religious model of a democratic, secular state in the Kyrgyz Republic, the conceptual and categorical apparatus of the religious model, to reveal the essence of world religions in our society and to determine and concretize the main criteria of the religious model of society.

**The methodological basis of the study is:** a general scientific, systematic approach, dialectical, formal-logistic, political science, institutional and comparative research methods were also used.

**The results obtained and their scientific novelty:** The work is the first attempt in the Kyrgyz political science of a comprehensive study of the use of innovative technologies in the religious model of the sovereign Kyrgyz Republic. In the course of the study, the following new scientific results were obtained, the categorical-conceptual apparatus of the religious model was systematized and deciphered, a conceptual author’s interpretation of the religious model was proposed, the specific basis of the religious model was determined in the context of the transition from communist totalitarianism, where religion was taken into account as the «opium of the people», political and legal foundations of the religious model in the conditions of the sovereignty of the Kyrgyz society.

**Recommendation for use.** Generalized conceptual provisions of the dissertation work can be used in the study of the dialectics of the spiritual and cultural life of peoples in a democratic, secular state.

The research results can be applied in understanding the dialectics of the functioning of world religions and their social projection in the context of democratization of the Kyrgyz society. At the same time, the scientific conclusions of the dissertation research can be used in the development of special courses in religious studies, political science, cultural studies, in solving practical problems of religious and political problems.

Форматы 60x84 1/16. Көлөмү 2,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com